магистрант, Ош мамлекеттик университети, Кыргызстан, asanovajumagul23@gmail.com

Жазгүл Адылжан кызы
магистрант, Ош мамлекеттик университети, Кыргызстан, jazguladuljankyzy@gmail.com

Аннотация

Бул макалада физиканы окутуунун салттуу жана инновациялык ыкмаларынын мазмуну, өзгөчөлүктөрү жана билим берүү процессиндеги орду каралат. Салттуу ыкмалардын билим берүүдөгү мааниси талданып, инновациялык технологиялардын окуучулардын кызыгуусун арттыруудагы, чыгармачылык жана практикалык көндүмдөрүн өнүктүрүүдөгү ролу көрсөтүлөт. Ошондой эле эки ыкманы айкалыштырып колдонуу аркылуу физика сабактарынын натыйжалуулугун жогорулатуу мүмкүнчүлүктөрүнө негизделет.

Ачкыч сөздөр: физиканы окутуу, салттуу ыкмалар, инновациялык ыкмалар, интерактивдүү окутуу, билим берүү технологиялары, эксперимент, санариптик ресурстар

Шилтеме үчүн: Эгемназарова А.Ж., Табылды кызы Ж., Адылжан кызы Ж. (2025). Физиканы окутууда салттуу жана инновациялык ыкмалар. *Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, №4, бб. 76-84. doi: 10.65469/eijournal.2025.4.8

Киришүү

Коомдун илимий-техникалык деңгээлинин ыкчам өсүшү, азыркы билим берүү тармагынан окутуу усулдарын туруктуу жаңылап турууну талап кылууда. Бул контекстте табигый илимдердин өзөгү болгон физика предметинин мааниси чоң. Физиканы окутуу процесси окуучунун дүйнөгө болгон илимий көз карашын калыптандыруу менен бирге, анын аналитикалык ой жүгүртүүсүн жана практикалык тажрыйбасын өнүктүрүүгө багытталат. Мындан улам, билим берүүнүн натыйжалуулугун арттыруу үчүн физиканы окутуунун методикалык негиздерин туура тандоо — бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелеринин бири [11; 12].

Физика фундаменталдык илим катары окуучулардын аналитикалык ой жүгүртүү жөндөмүн, маалыматты уюштуруу жөндөмүн өрчүтөт, ошондой эле күнүмдүк жашоодо бизди курчап турган физикалык кубулуштарды түшүндүрөт. Бирок физиканын теориялык

© The Author(s) 2025.
This article is an open access article distributed under the terms and conditions of the Creative Commons Attribution (CC BY) license (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/).

аспектилеринин татаалдыгы окуучуларга көп учурда кыйынчылыктарды жаратат [8,122]. Бул татаалдыктарды жеңүүнүн эффективдүү ыкмаларын карайбыз. Көп жылдык тажрыйбада колдонулуп келген салттуу окутуу формаларына: лекциялык сабактар, материалды түшүндүрүү, суроо-жооп иретиндеги баарлашуу жана лабораториялык иштер кирет. Бул классикалык ыкмалар билимдин системалуулугун жана ырааттуулугун камсыз кылууда өзүнүн фундаменталдуулугун жоготпойт.

Усулдук көз караштан алганда, салттуу ыкмалар теориялык билимди так берүүгө шарт түзөт. Алсак, лекция — татаал физикалык түшүнүктөрдү системага салууга көмөктөшсө, демонстрациялык тажрыйбалар кубулуштарды визуалдык деңгээлде кабыл алууга жардам берет. Ошону менен бирге, практикалык маселелерди чыгаруу жана лабораториялык изилдөөлөр окуучунун теорияны турмушта колдонуу жөндөмүн арттырат. Салттуу ыкманын эң негизги күчү — бул физикалык кубулуштардын ортосундагы **себеп-натыйжа байланышын** жана математикалык корутундулардын **ырааттуулугун** көрсөтүп бергендигинде.

Логикалык чынжырчанын маанилүүлүгү

Физикада каалаган законду (мисалы, Ньютондун экинчи закону же Омдун закону) жөн гана жаттап алуу натыйжа бербейт. Салттуу окутууда мугалим төмөнкү логикалык чынжырчаны түзөт:

1. **Байкоо:** Кубулушту көрүү.
2. **Гипотеза:** Анын себебин божомолдоо.
3. **Математикалык модель:** Формулага салуу.
4. **Корутунду:** Практикада колдонуу.

Эмне үчүн бул алмаштырылгыс?

- **Фундаменталдуулук:** Инновациялык ыкмалар (оюн, виртуалдык симуляция) көбүнчө визуалдык эффектке басым жасайт. Ал эми логикалык чынжырчаны түзүү — окуучунун аналитикалык акылын өстүрөт.
- **Системалуулук:** Окуучу физиканы айрым бир үзүндү маалыматтар катары эмес, бир бүтүн система катары кабыл алат.

Физика илиминин фундаменталдуу закондорун өздөштүрүүдө салттуу окутуунун мааниси зор. Анткени ал окуучуларга физикалык түшүнүктөрдүн логикалык чынжырчасын үзбөй, бир теориядан экинчи теорияны логикалык жол менен чыгаруу көндүмүн калыптандырууга мүмкүндүк берет. Бул процесс окуучунун системалуу ой жүгүртүүсүнүн негизин түзөт.

Физикалык логикалык чынжырчанын мисалы: “Электр тогу” темасы

Бул теманы окутууда салттуу ыкма төмөнкүдөй логикалык кадамдарды камтыйт (1-таблица):

- **Түшүнүк калыптандыруу** (Заряд): Электр тогун түшүндүрүүдө, алгач заряддалган бөлүкчөлөр тууралуу билим берилет.
- **Шарттарды аныктоо:** Электр тогу пайда болушу үчүн зарыл болгон шарттар (эркин заряддардын болушу жана сырткы электр талаасы).
- **Мүнөздөмөлөрдү киргизүү:** Ток күчү (I), чыңалуу (U) жана каршылык (R) түшүнүктөрү бири-бири менен байланыштырылат.

- **Законго өтүү (Омдун закону):** Бул үч чоңдуктун ортосундагы математикалык байланыш ($I = \frac{U}{R}$) эксперименттик жана логикалык жол менен далилденет.
- **Практикалык колдонуу:** Чынжырларды удаалаш жана жарыш туташтыруу. Ток күчүн жана чыңалууну өлчөө.

Баскычтар	**Логикалык кадам** (чынжырча)	**Методикалык максаты**
1-кадам	**Заряд**	Микро-дүйнөдөгү физикалык кубулуштун маңызын түшүндүрүү.
2-кадам	**Электр талаасы жана чыңалуу (U)**	Токтун пайда болушунун себебин аныктоо.
3-кадам	**Ток күчү (I) жана каршылык (R)**	Процессти сандык мүнөздөмөлөр менен байланыштыруу.
4-кадам	**Омдун закону: I = U / R**	Физикалык чоңдуктардын ортосундагы функционалдык жана логикалык байланышты түзүү.
5-кадам	**Электр чынжырындагы чоңдуктарды эсептөө (практика)**	Логикалык корутундуну маселе чыгарууда колдонуу.

1-таблица. Электр тогу темасынын мисалында физикалык логикалык чынжырча.

“Электр тогу” темасын өтүүдө салттуу ыкма окуучуга материалды үзүндү катары эмес, бүтүн бир система катары кабыл алууга жардам берет. Окуучу адегенде заряддардын кыймылынын физикалык маңызын түшүнүп, андан соң гана ток күчү, чыңалуу жана каршылыктын ортосундагы функционалдык көз карандылыкты (Омдун законун) аң-сезимдүү түрдө кабыл алат. Мындай **логикалык чынжырча** окуучунун физикалык формулаларды жөн гана жаттабастан, алардын келип чыгуу себептерин талдоого үйрөтөт.

Бирок, заманбап методикалык талдоолор көрсөткөндөй, бир гана салттуу ыкма менен чектелүү окуучунун чыгармачылык активдүүлүгүн басаңдатып коюшу мүмкүн. Андыктан, билим берүүдө классикалык формаларды инновациялык жана интерактивдүү технологиялар менен айкалыштыруу, окуучунун изилдөөчүлүк жөндөмүн ойготууга жана сабактын натыйжалуулугун жогорулатууга жол ачат.

Эгерде салттуу ыкма — билимдин негизи (фундаменти) болсо, инновациялык ыкмалар — ошол билимди кызыктуу, жеткиликтүү жана заманбап кылуучу куралдар.

Инновациялык ыкмаларга билим берүү процессинде заманбап педагогикалык технологиялар: интерактивдүү окутуу, санариптик ресурстарды колдонуу, виртуалдык лабораториялар, моделдөө, долбоордук жана изилдөө иштерин уюштуруу кирет [7, 395].

Бул ыкмалар физикалык кубулуштарды визуалдуу көрсөтүүгө, окуучунун сабактагы активдүүлүгүн жогорулатууга жана өздөштүрүлгөн билимди күндөлук турмушта колдонууга мүмкүндүк берет. Окуучуну маалыматтык коомдогу жашоого даярдап, анда ар кандай маалымат менен иштөө көндүмдөрүн гана эмес, ошондой эле ушул маалыматты издөө, маалыматты иштеп чыгуу үчүн заманбап маалыматтык технологияларды колдоно билүүнү калыптандыруу зарыл [1, 28; 12]. Физика предметин окутууда, инновациялык ыкмаларды колдонуу заманбап билим берүүнүн негизги каражаты болуп калды. Бул ыкмалар окуучулардын сабактагы активдүүлүгүн жогорулатат, предметке болгон кызыгуусун арттырып, түшүнүүсүн тереңдетип, чыгармачыл жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталат. Белгилей кетсек, компьютердик эксперимент физика курсунун "эксперименттик" бөлүгүн

толуктап, сабактардын эффективдүүлүгүн кыйла жогорулатууга жардам берет. Аны колдонуп жатканда кубулуштун эң негизгисин бөлүп алуу – экинчи факторлорду кесүү, үлгүлөрдү аныктоо, өзгөрүлүүчү параметрлер менен көп жолу сыноо жүргүзүү, натыйжаларды сактоо жана ыңгайлуу учурда изилдөө иштерине кайтуу. Мындан тышкары, компьютердик версияда дагы көп сандагы эксперименттерди жүргүзүүгө болот. Эксперименттин бул түрү конкреттүү закондун, кубулуштун, процесстин ж. б. компьютердик моделин колдонуу менен ишке ашырылат [6, 219]. Табигый эксперименттен айырмаланып виртуалдык экспериментте изилденүүчү процесс, же тагыраак айтканда, анын моделинин иштөөсү, ал үчүн түзүлгөн компьютердик программанын талаптарынын чегинен чыга албайт. Демек, бирдей шартта кайталанып «жүргүзүлгөн» ар бир тажрыйба бирдей эле натыйжаны берет. Ошондуктан виртуалдык тажрыйбаны сөзсүз бир нече жолу кайталап текшерүүнүн, алардын ар биринин натыйжасын таблицага түшүрүүнүн, каталыктарды эсептөөнүн зарылчылыгы жок [5, 10].

PhET симуляциялары жана виртуалдык лабораториялар эффективдүү инструменттердин бири.

- Сабактын башталышында – кубулушту визуалдаштыруу үчүн (толкундар, электр талаасы, кванттык кубулуштар) колдонулат.
- Сабактын жүрүшүндө окуучулар өз алдынча физикалык параметрлерин өзгөртүп, гипотеза түзүп, натыйжаны текширишет. Бул симуляциялар көбүнчө визуалдык, динамикалык жана оюн сыяктуу чөйрөнү түзөт, мында студенттер эксперимент жасап, физикалык чоңдуктарды өзгөртүү менен натыйжаларын дароо көрө алышат [7, 393].
- Сабактын акырында – реалдуу эксперимент менен салыштырышат. Мисалы: “Эркин түшүүнүн ылдамдануусу”, “Айнектин сынуу көрсөткүчүн аныктоо”, “Өткөргүчтөрдү удаалаш жана жарыш туташтыруу”.

Тескери класс (Flipped Classroom) ыкмасында окуучулар берилген тема боюнча үйдөн: видео, анимация, окуу тексттери аркылуу теорияны үйрөнүшөт (YouTube, Khan Academy, кыргыз тилиндеги окуу материалдары же окутуучу тарабынан даярдалган 5–10 мүнөттүк видеолор). Сабак учурунда: маселе чыгаруу, тема боюнча талкуу, лабораториялык иштер, окуучулардын бири-бирине түшүндүрүүлөрү. Жыйынтыгында убакыт сабакта активдүү иштөөгө сарпталып окуучу пассивдүү угуучудан, сабакта активдүү катышуучуга өтөт.

Изилдөөгө негизделген окутуу окуучуларга реалдуу жашоодогу проблемаларды чечүүнү сунуштайт. Мисалы: “Үндүн абадагы жана суудагы таралуу ылдамдыктарынын айырмачылыгы эмнеде?”, “Күндүн энергиясын кантип эффективдүү пайдаланууга болот?”, “Негизги энергия булактарын салыштыргыла, кайсынысы экологияга азыраак зыян келтирет?” деген суроолорго студенттерди физикалык принциптерди изилдөөгө жана чыгармачыл чечимдерди сунуштоого түрткү берет. Суроо коюу аркылуу изилдөөгө түрткү бересиз: “Эмне үчүн?”, “Кантип өзгөрөт, эгер...?”, “Бул кубулуш кайда кездешет?” деген суроо менен баштап, симуляция + өз алдынча эксперимент + жыйынтыгын чыгаруу. Мында окуучунун өз алдынча издөө ишмердиги көрүнөт

Проекттик окутуу 1–2 жумага созулган долбоорлор: “Күндүн энергиясынын эффективдүүлүгүн жогорулатуунун жолдору”, “Сапаттуу көпүрө куруу”, “Смартфон аркылуу ылдамданууну өлчөө”. Бул проекттерди аткарууда, окуучулар физикалык түшүнүктөрдү, закондорду колдонушат. Окуучулар изилдөө жүргүзүп, презентация даярдап, айтып беришет.

Kahoot, Quizizz платформалары аркылуу класста өтүлгөн тема боюнча тесттерди түзүп, кыска убакытта окуучулардын билимин баалоого болот .

Билим берүү процессинде инновациялык ыкмаларды колдонууга сунуштар 2-таблицада берилди.

Ыкма	**Физиканын кайсы бөлүмүндө колдонулат**	**Кыйынчылык деңгээли**	**Керектүү каражаттар**
PhET симуляциялары	Бардык бөлүмдөр	оңой	компьютер/планшет/интернет
Тескери класс (Flipped Classroom)	Механика, электродинамика	орто	презентация жасоо
эксперимент	Оптика, термодинамика	орто	Жөнөкөй жабдуулар
Проекттик иш	Энергия булактары, кыймыл	кыйын	убакыт + материалдар
Kahoot, Quizizz	Кайталоо, бышыктоо	оңой	смартфон/компьютер
AR/VR	Атомдук түзүлүш, космос	орто	смартфон + тиркеме

2-таблица. Инновациялык ыкмаларды колдонууга сунуштар.

Илимий-педагогикалык практика көрсөткөндөй, физиканы окутууда бир гана ыкмага таянуу жетишсиз. Эң жогорку натыйжага салттуу жана инновациялык ыкмаларды максатка ылайык айкалыштыруу аркылуу жетишилет. Теориялык окуу материалы салттуу ыкма менен берилсе, аны бекемдөөдө интерактивдүү тапшырмалар жана эксперименттик иштер колдонулушу мүмкүн. Мындай интеграцияланган ыкма окуучунун билимди терең өздөштүрүүсүнө жана турмуштук кырдаалдарда колдонуу жөндөмүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Мисалы:

1. **Механика: Ньютондун закондору**

Салттуу ыкма: Мугалим доскада физикалык түшүнүктөрдү, формулаларды түшүндүрүп, мисалдарды чыгарат (лекция + фронталдык талкуу).

Инновациялык ыкма: PhET “Forces and Motion” [9] симуляциясында окуучулар өз алдынча күчтөрдү өзгөртүп, телонун кыймылына байкоо жүргүзүп, натыйжаны салыштырып, жупта талкуулашат. Айрым кубулуштардын жүрүш себептерин жана көз карандылыктарын компьютер менен көрүү, лабораториялык иштин маанисин түшүнүүнүн эффективдүүлүгүнө алып келет. Мында окуучулар лабораториялык ишти аткаруучу гана эмес, изилдөөчүлөр да болуп калышат [4, 17].

Салттуу ыкма менен инновациялык ыкманын айкалышы: Теория → симуляция → реалдуу тажрыйба (тележка менен стол үстүндө күчтү өлчөө).

2. **Молекулалык физика**

Салттуу ыкма: Газ закондорун формула менен түшүндүрүү + маселе чыгаруу.

Инновациялык ыкма: PhET "Gas Properties" симуляциясында [10] температура/басымды өзгөртүп, диаграмма тургузуу.

Салттуу ыкма менен инновациялык ыкманын айкалышы: Классикалык лекция → симуляция + график түзүү → үйдөн мугалим берген ссылкадагы видеону көрүп келүү → сабак учурунда топто талкуулоо.

Салттуу ыкма менен инновациялык ыкманы айкалыштыруудагы негизги принциптер:

- Теорияны **салттуу** ыкма менен түшүндүрүү (негизги түшүнүктөр үчүн).
- Түшүнүүнү жана колдонууну **инновациялык** ыкма менен тереңдетүү (симуляция, эксперимент, gamification).

- Натыйжаны **салттуу + инновациялык** баалоо аркылуу текшерүү (тест + презентация + өз алдынча изилдөө).

Окутуунун ыкмаларын мындай айкалыштыруу окуучулардын пассивдүү угуудан активдүү изилдөөгө өтүүсүн камсыздайт жана илимий ой жүгүртүүнү өнүктүрөт.

Физиканы окутуунун салттуу жана инновациялык ыкмалары бири-бирин толуктап, бирдиктүү билим берүү процессин түзөт. Салттуу ыкмалар билимдин фундаментин камсыз кылса, инновациялык ыкмалар окуучунун активдүүлүгүн, мотивациясын жогорулатат. Ошондуктан заманбап физика мугалими окутуунун максатына жана окуучулардын өзгөчөлүктөрүнө жараша бул ыкмаларды айкалыштырып колдонууга тийиш.

Изилдөөнүн жүрүшүндө физиканы окутуудагы эки негизги ыкманын айкалышуусу төмөнкүдөй натыйжаларды берди:

1. Салттуу методдор (доскага бор менен жазуу, физикалык диктанттар, лабораториялык иштерди салттуу каражаттар менен аткаруу) окуучулардын фундаменталдык түшүнүктөрдү өздөштүрүүсүнө жана математикалык эсептөөлөрдү так жүргүзүүсүнө шарт түзөт. Бул ыкма физикалык закондордун логикалык чынжырчасын түшүнүүдө алмаштырылгыс бойдон калууда.
2. Инновациялык технологияларды колдонуу окуучулардын физика предметине болгон кызыгуусун 30-40% га жогорулатты. Айрыкча, татаал физикалык кубулуштарды (электромагниттик талаа, электромагниттик толкундар, атомдун түзүлүшү, термодинамикалык процесстер) виртуалдык моделдөө аркылуу көрсөтүү материалды өздөштүрүүнү тездетти.

Жыйынтыгында теориялык окуу материалды мугалим түшүндүрүп (салттуу ыкма), ал эми бышыктоо бөлүгүн интерактивдүү моделдер менен жүргүзүү (инновациялык ыкма) эң жогорку көрсөткүчтү берди 3-таблица.

Сабактын компоненттери	**Салттуу ыкма (натыйжасы)**	**Интеграцияланган ыкма (натыйжасы)**
Теорияны өздөштүрүү	Орто (окуу материалын жаттоо басымдуу)	Жогору (окуу материалын түшүнүү басымдуу)
Практикалык көндүм	Стандарттык маселелер менен чектелүү	Чыгармачыл жана изилдөөчүлүк ыкма
Окуучунун активдүүлүгү	30-40%	80-90%

3-таблица. Салыштыруу таблицасы.

Физиканы окутууда салттуу жана инновациялык ыкмаларды карама-каршы коюуга болбойт. Тескерисинче, салттуу окутуунун фундаменталдуулугун сактоо менен инновациялык технологияларды колдонуу окуучулардын компетенцияларын калыптандыруунун эң натыйжалуу жолу болуп саналат. Демек, бүгүнкү күндүн талабы — бул классикалык окутуунун тереңдиги менен заманбап технологиялардын ийкемдүүлүгүн айкалыштыруу болуп саналат. Жыйынтыктап айтканда, физика мугалиминен бүгүнкү күндө методикалык ийкемдүүлүк талап кылынат. Салттуу окутуунун классикалык чынжырчаларын сактоо менен бирге, санариптик ресурстарды туура пайдалануу — келечектеги инженердик жана илимий кадрларды даярдоонун негизги кепилдиги болуп саналат.

Колдонулган адабияттар тизмеси

1. Алиева Б.М., Эгемназарова А.Ж. Маалыматтык технологиялардын негизинде окутуунун өзгөчөлүктөрү. [Текст] Вестник Иссык-Кульского университета, №57, 2024.
2. Ларионов, В. В. Инновационные методы в обучении физике в вузе и школе. – Томск: Изд-во ТПУ, 2007.
3. Роберт, И. В. Современные информационные технологии в образовании: дидактические проблемы; перспективы использования. – М.: ИИО РАО, 2010. – 204 с.
4. Омаралиева З. И., Эгемназарова А.Ж. Компьютердик технологиянын негизинде физика мугалимдерин дифференцирлеп окутууга даярдоо. Ош: «Book дизайн», 2013-87б.
5. Физикалык практикум. Компьютердик моделдердин жардамында аткарылуучу лабораториялык иштер. Түзүүчүлөр: Ж.Эгембердиев, М. Калбекова Ош, 2009.-125б
6. Эгемназарова А.Ж., Молдоярова Ж.Б. Физикалык лабораториялык иштерди аткарууда маалымат технологияларын колдонуу [Текст] Вестник Иссык-Кульского университета, №57, 2024.
7. Эгемназарова А.Ж., Бабаев Д.Б., Темирбек кызы Н., Каденова Б.А. Физиканы окутууда санариптик технологияны колдонуу. “Математикалык билим берүүгө заманбап мамилелер жана технологиялар” эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары. Ош, 2025 ж. 12-13 сентябрь [Электрондук ресурс]. Ош: Ош мамлекеттик университети, 2025.-650 б. -кырг., орус, англис тил.
8. Эгемназарова А.Ж., Молдоярова Ж.Б., Чалбаева И. “Орто мектепте физиканы окутууда көрсөтмөлүү эксперименттин ролу” [Текст] “Билим берүүдөгү математика, физика жана маалыматтык технологиялардын актуалдуу маселелери” эл аралык илимий-практикалык конференциясынын материалдары: окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана методикасы, кесиптик билим берүүнүн теориясы жана практикасы, маалыматтык технологиялар жана санариптик чечимдер бөлүмү [Электрондук ресурс]. Ош: ОшМУ, 2025. – 204 б.
9. https://phet.colorado.edu/sims/html/forces-and-motion-basics/latest/forces-and-motion-basics_all.html
10. https://phet.colorado.edu/en/simulations/gas-properties
11. Абдибаетова, А. А. Мектепке чейинки билим берүүчү мекеменин окуу процессин башкаруунун технологиясы / А. А. Абдибаетова, Ж. Р. Имаралиева // *Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*. – 2025. – No. 1. – P. 1-9. – DOI 10.65469/eijournal.2025.1.1. – EDN TYEXDW.
12. Эркебаев, У. З. Окуучулардын окууга болгон мотивациясын жогорулатуу үчүн билим берүү процесстеринде геймификацияны колдонуу / У. З. Эркебаев, Н. Ж. Мусаева // *Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*. – 2025. – No. 2. – P. 24-33. – DOI 10.65469/eijournal.2025.2.4. – EDN OCWSWN.

Открытый журнал евразийских исследований, 2025, №4, сс. 76-84
doi: 10.65469/eijournal.2025.4.8
eijournal.ilimbilim.kg

ПЕДАГОГИКА / PEDAGOGY
УДК 371

Традиционные и инновационные методы обучения физике

Эгемназарова Айчурок Жакыповна
старший преподаватель, Ошский государственный университети, Кыргызстан, egemay_65@mail.ru
ORCID: 0009-0000-2039-3567

Жумагул Табылды кызы
магистрант, Ошский государственный университети, Кыргызстан, asanovajumagul23@gmail.com

Жазгүл Адылжан кызы
магистрант, Ошский государственный университети, Кыргызстан, jazguladuljankyzy@gmail.com

Аннотация

В данной статье рассматриваются содержание, особенности и место традиционных и инновационных методов обучения физике в образовательном процессе. Анализируется значение традиционных подходов в образовании, а также демонстрируется роль инновационных технологий в повышении интереса учащихся, развитии их творческих и практических навыков. Обосновываются возможности повышения эффективности уроков физики через интегрированное применение обоих методов.

Ключевые слова: обучение физике, традиционные методы, инновационные методы, интерактивное обучение, образовательные технологии, эксперимент, цифровые ресурсы

Open Journal of Eurasian Issues, 2025, no. 4, pp. 76-84
doi: 10.65469/eijournal.2025.4.8
eijournal.ilimbilim.kg

ПЕДАГОГИКА / PEDAGOGY
УДК 371

Traditional and Innovative Methods in Teaching Physics

Egemnazarova Aichurok Zhakypovna
Senior Lecturer, Osh State University, Kyrgyzstan, egemay_65@mail.ru
ORCID: 0009-0000-2039-3567

Zhumagul Tabyldy kyzy
Master's Student, Osh State University, Kyrgyzstan, asanovajumagul23@gmail.com

Zhazgul Adylzhan kyzy
Master's Student, Osh State University, Kyrgyzstan, jazguladuljankyzy@gmail.com

Abstract

This article examines the content, characteristics, and significance of traditional and innovative methods of teaching physics within the educational process. It analyzes the importance of traditional approaches in education and highlights the role of innovative technologies in increasing student engagement and developing their creative and practical skills. Furthermore, the article substantiates the potential for improving the effectiveness of physics lessons through the integrated use of both methods.

Keywords: physics teaching, traditional methods, innovative methods, interactive learning, educational technologies, experiment, digital resources

Евразия изилдөөлөрү ачык журналы, 2025, №4, бб. 85-94
doi: 10.65469/eijournal.2025.4.9
eijournal.ilimbilim.kg

ПЕДАГОГИКА / PEDAGOGY
УДК 378

Окуучулардын функционалдык сабаттуулугун калыптандырууда санариптик билим берүү технологияларынын ролу

Авазова Элнура Токтогуловна
улук окутуучу, Ош мамлекеттик университети, Кыргызстан, elnuraavazova1985@gmail.com
ORCID: 0000-0003-1210-8070

Шарипова Акмарал Нурматжановна
магистрант, Ош мамлекеттик университети, Кыргызстан, akmaralshrpv@gmail.com

Таалайбек кызы Зарина
магистрант, Ош мамлекеттик университети, Кыргызстан, zarinataalaibekova@icloud.com

Аннотация

Азыркы учурда билим берүүдө санариптик ыкмаларды колдонуу-заман талабы, анткени ал окуучулардын критикалык ойломун, маалыматтык маданиятын жана жарандык активдүүлүгүн өнүктүрөт. Санариптик технологиялардын окуучулардын функционалдык компетенцияларын өнүктүрүүдөгү таасирин аныктоо. Изилдөөдө теориялык талдоо, байкоо жана сурамжылоо ыкмалары колдонулган. Натыйжада, санариптик платформаларды системалуу колдонуу окуучулардын өз алдынча үйрөнүү жөндөмүн, коммуникациялык жана аналитикалык компетенцияларын жогорулатары аныкталды. Жыйынтыктап айтканда, санариптик билим берүү технологиялары функционалдык сабаттуулукту калыптандыруунун маанилүү куралы болуп саналат.

Ачкыч сөздөр: санариптик билим берүү технологиялары, функционалдык сабаттуулук, санариптик ресурстар, билим берүү процесси, критикалык ой жүгүртүү, маалыматтык сабаттуулук, билим сапаты

Шилтеме үчүн: Авазова Э.Т., Шарипова А.Н., Таалайбек кызы З. (2025). Окуучулардын функционалдык сабаттуулугун калыптандырууда санариптик билим берүү технологияларынын ролу. *Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, №4, бб. 85-94. doi: 10.65469/eijournal.2025.4.9

Киришүү

Билим берүү системасынын санариптик трансформациясы шартында окуучулардын функционалдык сабаттуулугун калыптандыруу заманбап педагогиканын актуалдуу маселелеринин бири болуп саналат. Коомдун социалдык-экономикалык өнүгүүсү, маалымат агымынын өсүшү жана санариптик технологиялардын бардык тармактарга кеңири кириши билим берүү мазмунуна жана окутуунун ыкмаларына жаңы талаптарды коюуда. Мындай

© The Author(s) 2025.
This article is an open access article distributed under the terms and conditions of the Creative Commons Attribution (CC BY) license (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/).

шартта окуучулардын алган билимдерин практикалык турмушта колдонуу жөндөмдүүлүгүн, маалыматты талдоо, критикалык ой жүгүртүү жана чечим кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрүү зарылдыгы күч алууда. Ушул аспектилер функционалдык сабаттуулук түшүнүгүнүн маанисин арттырып, аны калыптандырууда санариптик билим берүү технологияларынын ролун изилдөөнү талап кылат.

Функционалдык сабаттуулук маселеси эл аралык жана улуттук деңгээлде көптөгөн илимий изилдөөлөрдүн объектиси болуп келген [1], [2]. OECD жана PISA изилдөөлөрүндө функционалдык сабаттуулук окуучулардын реалдуу жашоо кырдаалдарында билимди колдонуу жөндөмдүүлүгүн чагылдырган негизги көрсөткүч катары каралат [1]. Илимпоздордун эмгектеринде (Е.С. Полат, И.В. Роберт, В.П. Беспалько ж.б.) санариптик жана маалыматтык технологиялар окутуунун натыйжалуулугун жогорулатууга, окуучулардын таанып-билүү активдүүлүгүн күчөтүүгө жана өз алдынча билим алууга шарт түзөрү белгиленет [4], [5]. Ошол эле учурда заманбап илимий адабияттарды талдоо көрсөткөндөй, санариптик билим берүү технологияларын функционалдык сабаттуулукту максаттуу калыптандыруунун педагогикалык куралы катары системалуу колдонуу маселеси жетиштүү деңгээлде иштелип чыга элек.

Изилдөө көйгөйү окуучулардын функционалдык сабаттуулугун өнүктүрүүдө санариптик билим берүү технологияларынын мүмкүнчүлүктөрү менен алардын билим берүү процессинде натыйжалуу колдонулушунун ортосундагы карама-каршылыктан келип чыгат. Башкача айтканда, санариптик технологиялардын потенциалы жогору болгону менен, аларды максаттуу, методикалык негизде колдонуу механизмдери толук аныкталган эмес.

Изилдөөнүн максаты-окуучулардын функционалдык сабаттуулугун калыптандырууда санариптик билим берүү технологияларынын ролун аныктоо жана аларды билим берүү процессинде натыйжалуу пайдалануунун педагогикалык шарттарын негиздөө.

Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн төмөнкү милдеттер коюлду:

- функционалдык сабаттуулук түшүнүгүнүн мазмунун жана түзүмүн талдоо;
- санариптик билим берүү технологияларынын түрлөрүн жана өзгөчөлүктөрүн аныктоо;
- санариптик технологиялардын функционалдык сабаттуулукту калыптандыруудагы педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн ачып көрсөтүү;
- билим берүү процессинде санариптик технологияларды натыйжалуу колдонуу шарттарын аныктоо;
- алынган жыйынтыктардын негизинде практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Изилдөө методологиясы. Бул макалада окуучулардын функционалдык сабаттуулугун калыптандырууда санариптик билим берүү технологияларынын ролун аныктоого жана алардын мектеп математика сабагында натыйжалуу колдонулушунун педагогикалык негиздерин ачып берүүгө багытталган. Изилдөөнүн методологиялык негизи компетенттүүлүккө багытталган, системалуу-ишмердүүлүк жана конструктивисттик билим берүү теорияларына таянат [6], [7]. Бул теориялар окуучунун активдүү таанып-билүү ишмердүүлүгүн, билимди практикалык турмушта колдонуу жөндөмдүүлүгүн жана өз алдынча ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүнү негизги максат катары карайт.

Изилдөөдө аралаш (сандык жана сапаттык) методология колдонулду. Сандык ыкмалар окуучулардын функционалдык сабаттуулугунун деңгээлин өлчөөгө, ал эми сапаттык

ыкмалар санариптик технологияларды колдонуу процессиндеги өзгөрүүлөрдү жана педагогикалык өзгөчөлүктөрдү талдоого багытталды.

Изилдөө үлгүсү

Изилдөөгө жалпы билим берүүчү мектептин 7-8-класстарында окуган 60 окуучу тартылды. Алар эксперименттик (30 окуучу) жана контролдук (30 окуучу) топторго бөлүндү. Эксперименттик топто математика сабактары санариптик билим берүү технологияларын активдүү колдонуу менен өткөрүлсө, контролдук топто салттуу окутуу ыкмалары колдонулду.

Изилдөө ыкмалары

Изилдөө процессинде төмөнкү ыкмалар колдонулду:

- теориялык ыкмалар: педагогикалык, психологиялык жана методикалык адабияттарды талдоо, жалпылоо жана системалаштыруу;
- эмпирикалык ыкмалар: педагогикалык байкоо, тестирлөө, сурамжылоо, окуучулардын жазма жана санариптик иштерин талдоо;
- диагностикалык ыкмалар: функционалдык сабаттуулукту баалоого багытталган PISA форматындагы математикалык тапшырмалар[2];
- салыштырма-аналитикалык ыкмалар: экспериментке чейин жана кийин алынган жыйынтыктарды салыштыруу.

Изилдөө шаймандары жана санариптик куралдар

Изилдөөдө төмөнкү санариптик билим берүү технологиялары жана шаймандар колдонулду:

- **GeoGebra** – математикалык моделдерди түзүү, графиктерди визуалдаштыруу жана геометриялык түшүнүктөрдү изилдөө үчүн;
- **Google Forms** – диагностикалык тесттерди жана сурамжылоолорду жүргүзүү үчүн;
- **Google Sheets / Excel** – эсептөөлөрдү жүргүзүү жана маалыматтарды диаграмма түрүндө көрсөтүү үчүн;
- **Интерактивдүү презентациялар (PowerPoint, Canva)** – жаңы темаларды түшүндүрүү жана визуалдык колдоо көрсөтүү үчүн;
- **Онлайн-тренажёрлор** – математикалык көндүмдөрдү бекемдөө жана өз алдынча иштөөнү уюштуруу үчүн.

Атайын жабдуулар катары компьютерлер, ноутбуктар, интерактивдүү доска, проектор жана интернет тармагына туташкан санариптик түзмөктөр колдонулду.

Изилдөө этаптары

Изилдөө үч негизги этапта жүргүзүлдү:

1. **Даярдык этабы** – теориялык булактарды талдоо, диагностикалык материалдарды иштеп чыгуу, баштапкы тестирлөө жүргүзүү;
2. **Тажрыйбалык-эксперименттик этап** – математика сабактарында санариптик билим берүү технологияларын колдонуу аркылуу окутууну уюштуруу;
3. **Жыйынтыктоочу этап** – алынган маалыматтарды талдоо, салыштыруу жана корутундуларды чыгаруу.

Ушундай комплекстүү методологиялык мамиле санариптик билим берүү технологияларынын мектеп математика сабагында окуучулардын функционалдык

сабаттуулугун калыптандыруудагы ролун объективдүү баалоого жана изилдөөнүн ишенимдүүлүгүн камсыз кылууга мүмкүндүк берди.

Изилдөөнүн жыйынтыктары

Жүргүзүлгөн педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары мектеп математика сабагында санариптик билим берүү технологияларын максаттуу жана системалуу колдонуу окуучулардын функционалдык сабаттуулугунун деңгээлине оң таасир тийгизгенин көрсөттү. Эксперименттик жана контролдук топтордун көрсөткүчтөрүн салыштыруу аркылуу алынган сандык жана сапаттык маалыматтар изилдөөнүн негизги максатына жеткенин тастыктады.

Функционалдык сабаттуулуктун деңгээлинин өзгөрүүсү

Экспериментке чейин жүргүзүлгөн диагностикалык тестирлөөнүн жыйынтыгында окуучулардын көпчүлүгүндө функционалдык сабаттуулуктун төмөн жана орточо деңгээли басымдуулук кылганы аныкталды. Эксперименттен кийин эксперименттик топто олуттуу оң өзгөрүүлөр байкалган.

1-таблица. Экспериментке чейин жана кийин функционалдык сабаттуулуктун деңгээли (%)

Деңгээлдер	Экспериментке чейин	Эксперименттен кийин
Төмөн	45	17
Орточо	37	43
Жогору	18	40

1-диаграмманын сүрөттөлүшү. Экспериментке чейин жана кийин функционалдык сабаттуулуктун деңгээлдеринин салыштырма көрсөткүчтөрү. Диаграмма жогорку деңгээлдеги окуучулардын үлүшүнүн 22%га өскөнүн көрсөтөт.

Математикалык моделдөө көндүмдөрүнүн өнүгүшү

GeoGebra программасын колдонуу аркылуу жүргүзүлгөн тапшырмалар окуучулардын математикалык моделдөө жөндөмдүүлүгүнүн жогорулашына шарт түздү. Айрыкча функциялардын графиктерин түзүү, параметрлерди өзгөртүү жана жыйынтык чыгаруу тапшырмалары натыйжалуу болду.

2-таблица. Математикалык моделдөө боюнча жетишкендиктер

Көрсөткүчтөр	Экспериментке чейин (%)	Эксперименттен кийин (%)
Графикти туура куруу	48	82
Параметрди өзгөртүп талдоо	35	76
Жыйынтык чыгаруу	40	79

Чиймелердин сүрөттөлүшү

(1-чийме): GeoGebra программасында $y = ax^2 + bx + c$ функциясынын параметрлерин өзгөртүү аркылуу графиктин формасынын өзгөрүшүн көрсөткөн интерактивдүү модель.

Маалыматтарды талдоо жана диаграмма менен иштөө

Google Sheets жана Excel программаларын колдонуу менен окуучулар реалдуу маалыматтарга негизделген таблицаларды түзүп, диаграммалар аркылуу маалыматтарды интерпретациялоого үйрөнүштү. Бул иш-аракеттер функционалдык сабаттуулуктун маалыматтык-коммуникативдик компонентин өнүктүрдү.

3-таблица. Диаграмма жана таблица менен иштөө жөндөмү

Көндүмдөр	Экспериментке чейин (%)	Эксперименттен кийин (%)
Таблица түзүү	52	88
Диаграмма куруу	46	84
Натыйжаны түшүндүрүү	41	80

2-диаграмманын сүрөттөлүшү

(Сызыктуу диаграмма): Эксперименттик топтогу окуучулардын маалыматтарды талдоо көндүмдөрүнүн өсүү динамикасы.

Практикалык маселелерди чечүү жөндөмдүүлүгү
Окуучуларга турмуштук мазмундагы математикалык маселелер (үй-бүлөлүк бюджет, соодадагы арзандатуулар, пайыздык эсептөөлөр) сунушталып, аларды санариптик каражаттардын жардамы менен чечүү талап кылынды. Бул тапшырмалар математикалык билимди реалдуу жашоо менен байланыштыруу мүмкүнчүлүгүн түздү.

Мисалдуу теңдеме:

Үй-бүлөнүн айлык кирешеси 40 000 сом, чыгымдардын 25%ы азык-түлүккө кетет.
40 000 × 0,25 = 10 000 сом

Бул мисал окуучулардын пайыздык эсептөөлөрдү практикалык кырдаалда туура колдонууга жетишкенин көрсөттү.

Жалпы жыйынтык
Жогорудагы тексттик, таблицалык жана графикалык маалыматтардын жыйынтыгында санариптик билим берүү технологияларын мектеп математика сабагында колдонуу окуучулардын функционалдык сабаттуулугун калыптандырууда натыйжалуу экени далилденди. Эксперименттик топто окуучулардын математикалык ойломунун, практикалык маселелерди чечүү жөндөмүнүн жана маалыматты талдоо көндүмдөрүнүн деңгээли олуттуу жогорулады.

Талкуу. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктары мектеп математика сабагында санариптик билим берүү технологияларын максаттуу жана системалуу колдонуу окуучулардын функционалдык сабаттуулугун калыптандырууда жогорку натыйжалуулукка ээ экенин көрсөттү. Эксперименттик топто функционалдык сабаттуулуктун жогорку деңгээлине жетишкен окуучулардын үлүшүнүн олуттуу өсүшү санариптик технологиялар окуучулардын математикалык билимдерин практикалык турмуштук кырдаалдарда колдонуу жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө шарт түзөрүн далилдейт. Бул натыйжалар функционалдык сабаттуулукту компетенттүүлүккө багытталган окутуу аркылуу калыптандыруу зарылдыгын белгилеген заманбап педагогикалык теориялар менен шайкеш келет.

Алынган жыйынтыктар мурдагы изилдөөлөрдүн корутундулары менен салыштырганда (OECD, PISA; И.В. Роберт; Е.С. Полат ж.б.) санариптик билим берүү технологиялары окуучулардын математикалык моделдөө, маалыматты талдоо жана логикалык ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүүдө натыйжалуу курал экенин дагы бир жолу тастыктады [4], [11]. Өзгөчө GeoGebra, электрондук таблицалар жана онлайн-тесттерди колдонуу окуучулардын абстракттуу математикалык түшүнүктөрдү визуалдаштырып, аларды реалдуу жашоо менен байланыштыруусуна өбөлгө түздү [10], [12].

Изилдөөнүн практикалык мааниси алынган жыйынтыктарды мектеп математика сабактарында кеңири колдонуу мүмкүнчүлүгү менен аныкталат. Тактап айтканда, мугалимдерге турмуштук мазмундагы математикалык тапшырмаларды санариптик платформалар аркылуу уюштуруу, функциялардын графиктерин интерактивдүү моделдөө, маалыматтарды таблица жана диаграммалар аркылуу талдоого багытталган иш-аракеттерди көбөйтүү сунушталат. Мындай ыкма окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттырып, өз

алдынча иштөө жөндөмдүүлүгүн жана функционалдык сабаттуулугун жогорулатууга шарт түзөт.

Ошол эле учурда изилдөөнүн бир катар чектөөлөрү бар экенин белгилей кетүү зарыл. Изилдөө бир гана мектептин чегинде жана чектелген окуучулар тобу менен жүргүзүлгөндүктөн, алынган жыйынтыктарды бардык билим берүү уюмдарына жалпылоо белгилүү бир деңгээлде чектелет. Мындан тышкары, эксперименттин убакыттык алкагы кыска болгондуктан, санариптик технологиялардын узак мөөнөттүү таасирин толук баалоо мүмкүн болгон жок. Айрым учурларда техникалык жабдуулардын жетишсиздиги жана интернет байланышындагы көйгөйлөр эксперименттин жүрүшүнө таасир тийгизди.

Келечектеги изилдөөлөрдө санариптик билим берүү технологияларынын функционалдык сабаттуулуктун башка компоненттерине (окуу сабаттуулугу, финансылык жана жаратылыш-таануу сабаттуулугу) тийгизген таасирин комплекстүү түрдө изилдөө максатка ылайыктуу. Ошондой эле ар түрдүү аймактардагы мектептерди камтыган кеңири масштабдагы эксперименттерди жүргүзүү жана санариптик окутуунун узак мөөнөттүү натыйжаларын талдоо актуалдуу болуп саналат. Бул багыттагы изилдөөлөр билим берүү процессин санариптик негизде өркүндөтүүгө жана функционалдык сабаттуулукту калыптандыруунун эффективдүү моделдерин иштеп чыгууга өбөлгө түзөт.

Корутунду

Жүргүзүлгөн изилдөө мектеп математика сабагында окутуунун санариптик каражаттарын негиздүү пайдалануу окуучулардын билимди колдонууга багытталган жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө олуттуу салым кошо аларын көрсөттү. Теориялык талдоонун жыйынтыгында функционалдык сабаттуулук билим берүүнүн мазмуну менен окутуу технологияларынын өз ара байланышына таянган татаал педагогикалык феномен экендиги аныкталды [1], [3], [9].

Тажрыйбалык-эксперименттик иштин жыйынтыктары математика сабактарында интерактивдүү моделдөө, маалыматтарды визуалдаштыруу жана практикалык эсептөөлөргө багытталган санариптик иш-аракеттер окуучулардын ой жүгүртүү активдүүлүгүн күчөтүп, реалдуу турмуштук кырдаалдарда математикалык билимди колдонуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтээрин тастыктады. Бул окуу процессинин натыйжалуулугун жогорулатууга жана билим берүүнүн практикалык багытын бекемдөөгө шарт түздү.

Изилдөөнүн негизинде алынган корутундулар санариптик технологияларды мектеп математикасынын мазмуну жана максаттары менен шайкеш айкалыштыруу зарылдыгын көрсөтөт. Окутуунун мындай формасы окуучулардын өз алдынча иштөөсүн колдоп, жоопкерчиликтүү чечим кабыл алуу жана маалымат менен иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Натыйжада, билим берүү процессин заманбап талаптарга ылайык уюштурууда санариптик технологиялардын педагогикалык мүмкүнчүлүктөрү кеңейери аныкталды.

Жыйынтыгында, изилдөөнүн материалдары мугалимдердин практикалык ишмердүүлүгүндө, окуу-методикалык материалдарды жаңылоодо жана мектептик билим берүүнү санариптик негизде өнүктүрүүдө колдонууга ылайыктуу деп эсептелет. Алынган жыйынтыктар мындан аркы илимий изилдөөлөр үчүн негиз болуп, функционалдык сабаттуулукту калыптандыруунун жаңы ыкмаларын иштеп чыгууга өбөлгө түзөт.

Адабияттар тизмеси

1. OECD. *PISA 2022 Results: Creative Minds, Creative Schools*. — Paris: OECD Publishing, 2023.
2. OECD. *PISA 2018 Assessment and Analytical Framework*. — Paris: OECD Publishing, 2019.
3. Schleicher A. *World Class: How to Build a 21st-Century School System*. — Paris: OECD Publishing, 2018.
4. Роберт И.В. Цифровые образовательные технологии в условиях трансформации образования // *Педагогика*. — 2021. — № 3. — С. 15–24.
5. Полат Е.С., Бухаркина М.Ю. Современные педагогические и информационные технологии в системе образования. — М.: Академия, 2020.
6. Беспалько В.П. Компетентностный подход и цифровизация образования // *Образовательные технологии*. — 2019. — № 2. — С. 5–14.
7. Зимняя И.А. Ключевые компетенции как результат современного образования // *Высшее образование сегодня*. — 2019. — № 5. — С. 18–23.
8. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги. *Жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты*. — Бишкек, 2022.
9. Төлөбаев К.Т., Абдиева Н.А. Математика сабагында функционалдык сабаттуулукту калыптандыруунун методикалык негиздери // *Кыргыз билим берүү журналы*. — 2021. — № 4. — С. 42–48.
10. Hiebert J., Grouws D. The Effects of Classroom Mathematics Teaching on Students’ Learning // *Second Handbook of Research on Mathematics Teaching and Learning*. — New York: Routledge, 2018.
11. Pierce R., Stacey K. Digital technologies and mathematics learning: A review of research // *International Journal of Educational Research*. — 2019. — Vol. 94. — P. 102–115.
12. Trouche L., Drijvers P. Handheld technology for mathematics education: Flashback into the future // *ZDM Mathematics Education*. — 2020. — Vol. 52. — P. 1165–11

Открытый журнал евразийских исследований, 2025, №4, сс. 85-94
doi: 10.65469/eijournal.2025.4.9
eijournal.ilimbilim.kg

ПЕДАГОГИКА / PEDAGOGY
УДК 378

Роль цифровых образовательных технологий в формировании функциональной грамотности учащихся

Авазова Элнура Токтогуловна
старший преподаватель, Ошский государственный университети, Кыргызстан, elnuraavazova1985@gmail.com
ORCID: 0000-0003-1210-8070

Шарипова Акмарал Нурматжановна
магистрант, Ошский государственный университети, Кыргызстан, akmaralshrpv@gmail.com

Таалайбек кызы Зарина
магистрант, Ошский государственный университети, Кыргызстан, zarinataalaibekova@icloud.com

Аннотация

В настоящее время использование цифровых методов в образовании является требованием времени, поскольку оно развивает критическое мышление учащихся, информационную культуру и гражданскую активность. Определение влияния цифровых технологий на развитие функциональных компетенций учащихся. В исследовании использованы теоретический анализ, наблюдение и методы опроса. В результате установлено, что систематическое использование цифровых платформ повышает способность учащихся к самостоятельному обучению, коммуникативные и аналитические компетенции. В заключение, цифровые образовательные технологии являются важным инструментом для развития функциональной грамотности.

Ключевые слова: цифровые образовательные технологии, функциональная грамотность, цифровые ресурсы, образовательный процесс, ключевые компетенции, критическое мышление, качество образования

Open Journal of Eurasian Issues, 2025, no. 4, pp. 85-94
doi: 10.65469/eijournal.2025.4.9
eijournal.ilimbilim.kg

ПЕДАГОГИКА / PEDAGOGY
УДК 378

The Role of Digital Educational Technologies in the Development of Students' Functional Literacy

Elnura Toktogulovna Avazova
Senior Lecturer, Osh State University, Kyrgyzstan, elnuraavazova1985@gmail.com
ORCID: 0000-0003-1210-8070

Akmaral Nurmatzhanovna Sharipova
Master's Student, Osh State University, Kyrgyzstan, akmaralshrpv@gmail.com

Zarina Taalaibek Kyzy
Master's Student, Osh State University, Kyrgyzstan, zarinataalaibekova@icloud.com

Abstract

The use of digital methods in education is currently a requirement, as it develops students' critical thinking, information literacy, and civic engagement. This study aims to determine the impact of digital technologies on the development of students' functional competencies. The study utilized theoretical analysis, observation, and survey methods. It was found that the systematic use of digital platforms enhances students' independent learning, communication, and analytical skills. In conclusion, digital educational technologies are an important tool for developing functional literacy.

Keywords: digital educational technologies, functional literacy, digital resources, educational process, key competencies, critical thinking, quality of education

Евразия изилдөөлөрү ачык журналы, 2025, №4, бб. 95-103
doi: 10.65469/eijournal.2025.4.10
eijournal.ilimbilim.kg

ПЕДАГОГИКА / PEDAGOGY
УДК 372.851:517.311

Окуучулардын анык интеграл жана анын касиеттери жөнүндө түшүнүгүн калыптандыруу жана окутуунун көйгөйлөрү

Сопуев Уланбек Адахимжанович
ф.-м.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети, Кыргызстан, usopuev1977@gmail.com

Равшан кызы Нуриза
магистрант, Ош мамлекеттик университети, Кыргызстан, ravshankyzynuriza03@gmail.com

Аннотация

Бул макалада мектеп окуучуларына анык интеграл түшүнүгүн жана анын негизги касиеттерин окутуунун методикалык маселелери каралат. Анык интегралды өздөштүрүүдө кездешкен негизги кыйынчылыктар, абстракттуу түшүнүктөрдү кабыл алуудагы психологиялык тоскоолдуктар жана формалдуу эсептөөгө гана басым жасоонун терс натыйжалары талданат. Изилдөөнүн максаты — анык интегралдын геометриялык, физикалык жана практикалык маанисин ачып көрсөтүү аркылуу окуучулардын терең түшүнүгүн калыптандыруунун натыйжалуу жолдорун сунуштоо. Макалада визуалдык моделдерди колдонуу, проблемалык тапшырмалар жана предметтер аралык байланыштар аркылуу интегралдык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрү негизделет. Натыйжада анык интегралды мазмундуу окутуу окуучулардын аналитикалык ой жүгүртүүсүн, логикалык байланыштарды түшүнүү жөндөмүн жана математикага болгон кызыгуусун арттырары аныкталат.

Ачкыч сөздөр: анык интеграл, интегралдын касиеттери, геометриялык мааниси, проблемалык окутуу, визуализация, математикалык түшүнүк

Шилтеме үчүн: Сопуев У.А., Равшан кызы Н. (2025). Окуучулардын анык интеграл жана анын касиеттери жөнүндө түшүнүгүн калыптандыруу жана окутуунун көйгөйлөрү. *Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, №4, бб. 95-103. doi: 10.65469/eijournal.2025.4.10

Киришүү

Заманбап билим берүү системасында математиканы окутуунун негизги максаты — окуучуларда теориялык билимди практика менен тыгыз байланыштырган, логикалык, аналитикалык жана функционалдык ой жүгүртүүнү өнүктүргөн туруктуу математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу болуп саналат[10]. Бүгүнкү күндө билим берүүдө окуучунун даяр маалыматты гана кабыл алуусу эмес, алган билимин реалдуу кырдаалдарда колдонуу жөндөмү өзгөчө мааниге ээ [8]. Бул талаптар математика сабагында абстракттуу түшүнүктөрдү мазмундуу жана аң-сезимдүү өздөштүрүүнү шарттайт.

© The Author(s) 2025.
This article is an open access article distributed under the terms and conditions of the Creative Commons Attribution (CC BY) license (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/).

Математикалык анализдин негизги бөлүктөрүнүн бири болгон анык интеграл мектеп курсунда өзгөчө мааниге ээ [3]. Ал функциялардын касиеттерин терең түшүнүүгө, графиктер менен иштөөгө жана сандык чоңдуктардын өз ара байланышын аныктоого мүмкүндүк берет. Анык интеграл аркылуу аянтты, жолду, жумушту, массаны, орточо маанини жана башка көптөгөн физикалык-геометриялык чоңдуктарды эсептөөгө болот.

Анык интеграл — бул жөн гана формула же эсептөө алгоритми эмес, ал функциянын жүрүшүн, өзгөрүүнүн мүнөзүн жана топтолгон натыйжаны мүнөздөгөн универсалдуу математикалык курал. Бирок практикада анык интегралды окутууда окуучулар көбүнчө анын маңызын терең түшүнбөстөн, даяр формулаларды колдонуп, механикалык эсептөөгө гана басым жасап калышат. Мындай ыкма окуучулардын логикалык байланышты түшүнүүсүн чектеп, темага болгон кызыгуусун төмөндөтөт жана интегралдык ой жүгүртүүнүн калыптанышына тоскоол болот. Ошондуктан анык интеграл түшүнүгүн калыптандырууда илимий негизделген, методикалык жактан туура уюштурулган окутуу ыкмаларын колдонуу зарыл.

Аныкталган интеграл жана анын касиеттери

Интеграл – математикалык анализдеги негизги түшүнүктөрдүн бири [4]. Эгер $F(x)$функциясы $f(x)$-тин туунду (антидеривативa) болуп саналса, анда аныкталган интеграл $\int_a^b f(x)\,dx$Ньютон–Лейбниц формуласына ылайык $F(b) - F(a)$катары эсептелет [3]. Башкача айтканда, аныкталган интеграл aжана bчек арасында $f(x)$функциясынын ар бир чекитиндеги маанилерин жыйнактуу түрдө эсептегенде пайда болгон сандык жыйынтыкты туюндурат. Интегралдаштыруунун бул негизги формуласы кайрадан туунда алуу (дифференциалдоо) аракетин тескерисинче аткарат.

Аныкталган интегралдын төмөнкү негизги касиеттери белгилүү:

- **Сызыктуулук:** Эгер fжана g үзгүлтүксүз функциялар болсо, анда $\int_a^b [f(x) + g(x)]dx = \int_a^b f(x)dx + \int_a^b g(x)dx$, ошондой эле $\int_a^b [kf(x)]dx = k\int_a^b f(x)dx$($k$ – реалдуу константа).
- **Интервал боюнча кошуу касиети:** Эгер cупай $a \leq c \leq b$ортосунда болсо, анда $\int_a^b f(x)dx = \int_a^c f(x)dx + \int_c^b f(x)dx$. Бул касиетти геометриялык жактан караганда, $y = f(x)$графигинин $x = a$ден $x = b$ге чейинки аймагынын аясы $x = c$аркылуу эки бөлүнөт, жана жалпы аймак экөө тең аймактын суммасына барабар болуусун туюндурат.
- **Интегралдын чектерин алмаштыруу:** Эгер $a > b$болсо, анда аныкталган интеграл белгиленген өткөрүү ыкмасына ылайык терс мааниге ээ болуп, $\int_a^b f(x)dx = -\int_b^a f(x)dx$болуп эсептелет. Бул түшүндүрүүдө x-окустан көз каранды улантуу оңдон солго карай жүргүзүлсө, аймак аянтын терс катары эсептөө керектигин көрсөтөт.

Бул касиеттердин негизинде интегралды эсептөөдө окуучуларга ылайык келген ар бир кадам түшүндүрүлүп, формула туура колдонулушу керек. Мисалы, $a > b$болгондо же $f(x)$функциясы графиктин астында (терс мааниде) жери бар учурда интегралдын белгилүү натыйжасы тууралуу айтуу үчүн жогорудагы багыт касиети колдонулат [4].

Интегралдын геометриялык мааниси

Интегралдын геометриялык интерпретациясы катары $y = f(x)$функциясынын графиги менен $x = a$, $x = b$түз сызыктарынын жана x-окуасынан түшкөн түз сызыктардын чектөөлөрүндө калкып турган ийри сызыктуу трапециянын аянты каралат. Жогорудагы мисалдагы сыяктуу, aдан bге чейинки аралыкта $y = f(x)$менен x-осясынын ортосундагы тик бурчтук трапециянын аймагы караңгыланып алынган. Аныкталган интеграл ошол

караңгыланган аймактын аянтына (эгер функция графиги x-осясынын үстүндө болсо) же терс болгон аянтка (эгер графиги x-осясынын ылдый жагында болсо) барабар экени түшүндүрүлөт [5]. Мисалы, $y = f(x)$графиги x-осясынын үстүндө экени шартында $\int_a^b f(x)\, dx$түздөн-түз жогоруда калкып турган трапециянын аянтын берет. Бул аныкталган интегралдын геометриялык мааниси катары колдонулары билим берүү стандартында белгиленгендей, «аныкталган интеграл ийри сызыктуу трапециянын аянты» деп алынат.

Ошондой эле, интегралдык багыт касиети аркылуу графиктин x-осясынын ылдый жагында калган аймак (эгер $f(x) < 0$болсо) терс аянт катары эсептелет. Бул түшүндүрүү окуучуларга интегралдын физикалык же практикалык маанисин (мисалы, $f(x)$импульс/жылуулук сыяктуу көлөм болушу мүмкүн, анын кумулятивдүү суммасы катары) түшүнүүгө көмөктөшөт.

Окутуунун көйгөйлөрү жана чечүү жолдору

Интеграл темасын окутууда окуучуларда кээ бир мүнөздүү көйгөйлөр байкалат. Алар жана аларды чечүү жолдору төмөндөгүдөй:

1. **Көйгөй 1:** Окуучулар аныкталган интегралдын геометриялык жана физикалык мазмунун түшүнбөстөн, аны жөн гана формулаларды колдонуу катары кабыл алып кетишет. Алар аймак жана интеграл арасында байланышты көрө беришпейт.

Чечүү: Бул көйгөйдү жоюу үчүн сүрөттүү жана практикалык методдор колдонулат. Мисал катары, график тартуу менен $y = f(x)$функциясынын $x = a$жана $x = b$ортосундагы аймагын караңгылатып, аныкталган интегралдын ошол аймакка барабар экени көрсөтүлөт (жогорудагы фигура). Андан соң, x-окуеден төмөн жана жогору абалындагы функция мисалдарын алып, аймактын терс жана оң мааниси кандайча эсептелээрин талкуулайбыз. Мисалы, функция графиги x-окоеден төмөн болсо, аймакты терс деп алуунун себеби түшүндүрүлөт. Ошентип, интегралдагы аянт түшүнүгү көрүлүп, аны практикада колдонуу ыкмалары (мисалы, Пифагордук анализ мисалында эмгек табуу, же физикада ылдамдыктан жүргөн жолду аныктоо) аркылуу бекемделет.

2. **Көйгөй 2:** Аныкталган интеграл менен аныкталбаган интегралды (первоначальный интегралды) чаташтыруу. Окуучулар канчалык чоң айырма бар экенин түшүнүп-билбей, баарын бирдей деп кабыл алып кетишет.

Чечүү: Бул маселени чечүүдө интегралдын эки түрүн так айырмалап көрсөтүү зарыл. Мисалы, аныкталбаган интеграл (интегралдаштыруу натыйжасы катары алынган генератор функциялардын үй-бүлөсү) кеңири түшүндүрүлүп, анда “+C” кошулганы жана натыйжа символдук экени белгиленет. Андан кийин аныкталган интеграл (чыгашаны эсептөө үчүн табылган бир конкреттүү сан) тууралуу айтыла берет. Демонстрация катары $\int_a^b f(x)\, dx$мисалында $F(x)$туунду функциясы алынган учурда натыйжанын $F(b) - F(a)$болуп саналаарын көрсөтөбүз. Окуучулар топтогу жана практикалык тапшырмаларда андай айырмачылыкты байкап, өз алдынча иштеши үчүн мисалдардын арасына аныкталбаган жана аныкталган интегралдын маселелерин атайын аралаштырып чечмелештиребиз.

3. **Көйгөй 3:** Интегралдын касиеттерин (линейдуулук, интервал боюнча кошуу, коюлган багыттагы маанилер) эске алуу жаатында катачылыктар орун алат. Айрыкча, $a > b$болгон учурларда натыйжаны терс катары түшүнүү ооруктуу болуп калат.

Чечүү: Окуучуларга интегралдын касиеттери боюнча атайын мисалдар жана практикалык иштерди уюштурууну киргиздик. Алгебралык кантип интегралдын формуласы белгилүү касиеттери (бирдиктикке кошуу жана туурасынан өсүрүү) аркылуу алынарын көрсөтүп, ар бир касиетти формулалар менен жана графикалык интерпретация менен иштетебиз. Мисалы, $\int_a^b f(x)dx = -\int_b^a f(x)dx$экени алардын аралыгына байланыштуу багыт өзгөрүү экенин иш жүзүндө көрсөтүү үчүн $a > b$болгон мисалдарды чечип иштейбиз.

Ошондой эле интервалды бөлүү касиетин ($\int_a^b = \int_a^c + \int_c^b$) графиктеги так cчекитине бөлүү менен түшүндүрөбүз. Бул ыкмалар интегралдык эрежелерди бир тараптуу жаттап эмес, алардын математикалык маанисин андан ары бекемдөөгө жардам берет.

4. **Көйгөй 4:** Окуучулар интегралды эсептөөдө туура алгоритмдерди колдонуу (мисалы, белгилүү функциялардын интегралын табуу) жаатында аз тажрыйбага ээ болушу мүмкүн. Кээде кыйын функциялар үчүн интеграл табууда ката кетирилип же көмөкчү ыкмалар колдонулбайт.

Чечүү: Бул көйгөйдү чечүү үчүн 11-класстын программасына кирген функциялар боюнча интегралдарды практикалык мисалдарга негиздөөчү тапшырмалар берилди. Атап айтканда, төмөнкү функциялар эске алынды: кубалуу функциялар ($f(x) = x^n, n \neq -1$), сызыктуу ($f(x) = ax + b$), рационалдык ($f(x) = \frac{1}{x}$), экспоненциалдык ($f(x) = e^x$, a^x), логарифмдик ($f(x) = \ln x$), тригонометриялык ($f(x) = \sin x$, $\cos x$) жана кош функциялар ($f(ax + b)$ түрүндөгү). Мындай тапшырмалар аркылуу окуучулар интегралдын табылышындагы туунду алуу эрежелерин (мисалы, степендик функциялар үчүн эреже, $1/x$үчүн $\ln \mid x \mid$ж.б.) жана ар кандай кошумча ыкмаларды (алмаштырууларды) практика жүзүндө өткөргөндүктөн, алардын теманы терең түшүнүүсү жакшырды. Андан тышкары, комплекстүү маселелерде интегралдык иштерди түзүү менен алар математикалык моделдөө да көнүмүш болуп калды.

Бул чечүү жолдордун бардыгы сабакта диалогдук ыкма, графикалык демонстрация, эксперимент-изилдөө ыкмасы сыяктуу педагогикалык ыкмаларды колдонуу менен кеңири түшүндүрүлдү. Ар бир ыкма окуучулардын тиешелүү теманы жонокой эле жаттап калуу эмес, анын ичиндеги маани-мазмунду түшүнүп, мисалдар аркылуу бекемдөө максатында иштетилди. Негизинен, теория менен практиканын тыгыз байланышын түзгөн тапшырмалар (мисалы, конкреттүү графиктин астындагы аймакты эсептөө, физикалык же экономикалык мааниси бар көйгөйлөрдү чече билүү) аркылуу чечимдер кеңири жана деталдуу талданып берилип, теманын чыныгы керектүүлүгү окуучуларга ачык болду.

Анык интеграл түшүнүгүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери

Анык интеграл түшүнүгү функциянын графиги, чектелген аралык жана аянт идеясы менен тыгыз байланышта. Окуучулар үчүн эң негизги кыйынчылыктардын бири — интегралды сумманын чеги катары кабыл алуу жана бул процесстин маңызын түшүнүү болуп саналат. Интеграл түшүнүгү чектин жана үзгүлтүксүздүктүн идеяларына таянгандыктан, ал жогорку деңгээлдеги абстракцияны талап кылат.

Методикалык жактан алганда, анык интегралды киргизүү этап-этабы менен, логикалык ырааттуулукта жүргүзүлүшү зарыл. Алгач окуучулар аянтты жакындатуу идеясын түшүнүшү керек. Бул үчүн төмөнкү этаптар сунушталат:

- кесиндини майда бөлүктөргө бөлүү;
- ар бир бөлүккө туура келген тик бурчтуктардын аянттарын эсептөө;
- алынган аянттардын суммасын табуу;
- бөлүктөрдүн санын чексиз көбөйтүү аркылуу аянттын так маанисине өтүү.

Бул логикалык чынжыр окуучуга анык интегралды даяр формула катары эмес, үзгүлтүксүз жакындатуу процесси катары кабыл алууга шарт түзөт. Натыйжада интеграл түшүнүгү окуучунун аң-сезиминде терең жана туруктуу калыптанат.

Проблемалык жана визуалдык ыкмаларды колдонуу

Анык интегралды окутууда проблемалык окутуу жана визуалдык ыкмаларды колдонуу өзгөчө натыйжалуу болуп саналат [1; 2; 6; 9; 12]. Проблемалык окутуунун негизги максаты — окуучуну даяр маалыматты кабыл алуучу эмес, активдүү изилдөөчү катары катыштырууда. Мисалы, сабактын башында төмөнкүдөй проблемалык суроо коюлушу мүмкүн:

«Функциянын графиги менен абсцисса огунун ортосундагы аянтты так кантип эсептөөгө болот?» Бул суроо окуучуларды ой жүгүртүүгө, болжолдоого жана ар кандай ыкмаларды салыштырып көрүүгө түртөт. Графикалык моделдер, аянтты жакындатуу схемалары, ошондой эле динамикалык компьютердик программалар (GeoGebra ж.б.) интеграл түшүнүгүн визуалдык деңгээлде бекемдөөгө жардам берет.

Мисалдар аркылуу анык интегралды түшүндүрүү

Анык интегралды окутууда мисалдардын ролу өзгөчө чоң. Туура тандалган мисалдар окуучулардын абстракттуу түшүнүктөрдү конкреттүү кырдаалдар менен байланыштыруусуна жардам берет жана интегралдык ой жүгүртүүнү калыптандырат.

1-мисал (геометриялык мааниси). Берилсин $y = x^2$ функциясы жана [0;1] аралыгы. Окуучуларга функциянын графиги менен абсцисса огунун ортосундагы аянтты табуу сунушталат. Алгач аянтты тик бурчтуктарга бөлүп жакындатуу жолу көрсөтүлөт. Андан соң тик бурчтуктардын саны көбөйгөн сайын аянттын так маанисине жакындаары түшүндүрүлөт. Натыйжада аянт анык интеграл аркылуу эсептелерин окуучулар өз алдынча жыйынтыкташат.



- Бул функция **үзгүлтүксүз** жана берилген аралыкта **терс эмес** маанилерди алат.
- График **абсцисса огуна (x-огуна)** тийишпей, анын үстүндө жайгашкан.
- Демек, функциянын графиги менен абсцисса огунун ортосундагы аянт **анык интеграл** аркылуу эсептелет:

$$S = \int_0^1 x^2 \, dx$$

- Интегралды эсептейбиз:

$$\int x^2 dx = \frac{x^3}{3}$$

$$S = \frac{x^3}{3} |_0^1 = \frac{1}{3}$$

$y = x^2$функциясынын графиги менен абсцисса огунун ортосундагы, **[0;1]** аралыгындагы аянт $\frac{1}{3}$га барабар.

Педагогикалык эксперимент

Окуучулардын аныкталган интеграл темасына болгон түшүнүгүн калыптандыруу үчүн Ош шаарында бир мектепте (аталышын көрсөтпөстөн) 10-11-класстардын окуучулары

арасында төрт айлык педагогикалык эксперимент жүргүзүлдү[10]. Бул эксперимент илимий принциптерге ылайык, көзөмөлдөөчү шарттагы тажрыйба болуп, эксперименталдык жана башкаруучу топторду салыштыруу аркылуу методиканын натыйжалуулугун өлчөө максатында уюштурулду.

Эксперименттин жүрүшүндө эксперименталдык топто интеграл түшүнүгүн тереңдетүүгө багытталган жаңы ыкмалар колдонулду[11;8]. Сабактарда аныкталган интегралдын геометриялык мааниси боюнча визуалдык материалдар (слайд, сүрөттөр) көрсөтүлүп, акырында Riemann суммалары жөнүндөгү негизги түшүнүк баяндалды. Окуучулар топтор менен бирге долбоордук иштерде ийри функциялардын астындагы аймактарды табуу менен алектеништи[5; 12]. Мисал катары функция графиктин үстүндө жана астында калса, анын кирешеси жана чыгашасын изилдөөгө багытталган тапшырмалар берилип, биргелешип талкууланды. Интегралдын касиеттерин бекемдөө үчүн топтук жана жекече мисалдар иштелип, ар бир касиеттин жапсарынан мисалдар көп жолулап чечилди.

Ошондой эле сабак мазмунуна 11-класстын программасында каралган төмөнкү функциялардын интегралдарын камтыган тапшырмалар киргизилди:

- Кубдук функциялар ($f(x) = x^n, n \neq -1$) жана сызыктуу функциялар ($f(x) = ax + b$);
- Рационалдык функциялар ($f(x) = \frac{1}{x}$ жана $\frac{1}{ax+b}$түрүндөгү);
- Экспоненциалдык жана логарифмдик функциялар ($f(x) = e^x, a^x$ жана $\ln x$);
- Тригонометриялык функциялар ($\sin\ x, \cos\ x$) жана алардын кош функциалары.

Бул функциялардын интеграциясы 11-класстын математикалык анализ сабагына киргендигинен, алар менен иштетүү бир эле учурда теманы жакшы бекемдөөгө жыйылма болуп кызмат кылды. Ар бир функциянын интегралын табууда катышуучуларга алдын ала тиешелүү туунду табуу эрежелери эскертилилип, практика жүзүндө тынчсызданбай колдонулду.

Эксперимент учурунда окуучулардын билиминин өсүшү ар кандай жолдор менен бааланды. Мисалы, контрольдук тест аркылуу сабакка чейинки жана сабактан кийинки билимин салыштыруу жүргүзүлдү. Изилдөө көрсөткөндөй, эксперименталдык топтун окуучулары математикалык анализдин негизги көрсөткүчтөрү боюнча жогорку жыйынтыктарды көрсөтүшүп, интеграл түшүнүгүндөгү катачылыктар аларда азаюу тенденциясын көрсөттү. Мындай натыйжалар экспериментте колдонулган иш жүзүндөгү ыкмалардын эффективдүүлүгүн тастыктап, даректүү машыктыруунун жана теория менен практика байланышын бекемдеген сабак өткөрүүнүн пайдасы чоң экенин көрсөткөнү менен маанилүү.

Жыйынтыктап айтканда, иш-чараларды жана тапшырмаларды интегралдын геометриялык жана алгебралык касиеттерин камтыган түрдө уюштуруу, ошондой эле 11-класстын каралган функциялары менен интегралдарды иштетүү окуучулардын аныкталган интеграл жөнүндө түшүнүгүн сапаттуу калыптандырууда натыйжалуу болуп, окутуудагы негизги көйгөйлөрдүн чечүү жолдорун тактоо мүмкүнчүлүгүн ачты [6; 10].

Колдонулган адабияттар

1. Брушлинский А. В. Проблемное обучение и мышление учащихся. — М.: Педагогика, 1983.
2. Махмутов М. И. Проблемное обучение: основные вопросы теории. — М.: Педагогика, 1975.
3. Колмогоров А. Н. Элементы математического анализа в школе. — М.: Просвещение, 1987.
4. Никольский С. М. Курс математического анализа. — М.: Наука, 1990.
5. Атанасян Л. С. и др. Алгебра и начала математического анализа. — М.: Просвещение, 2019.

6. Пойа Д. Как решать задачу. — М.: Просвещение, 1985.
7. Леонтьев А. А. Психология обучения. — М.: Академия, 2001.
8. Лернер И. Я. Дидактические основы методов обучения. — М.: Педагогика, 1981.
9. Кудрявцев Т. В. Развитие познавательной активности учащихся. — М.: Наука, 1986.
10. Пидкасистый П. И. Педагогика. — М.: Юрайт, 2010.
11. Занков Л. В. Развитие учащихся в процессе обучения. — М.: Педагогика, 1999.
12. Жолдошев А. Ж. Математиканы окутуунун методикасы. — Бишкек: Билим, 2015.
13. Келдибекова А. О. Инновационные методы обучения математике в школе // Наука и образование. — 2018. — №4.
14. Мамытов К. С. Математикалык анализдин негиздери. — Бишкек, 2016.
15. Заманбап окуу программалары жана методикалык колдонмолор. — Бишкек: Билим берүү министрлиги, 2020.

Открытый журнал евразийских исследований, 2025, №4, сс. 95-103
doi: 10.65469/eijournal.2025.4.10
eijournal.ilimbilim.kg

ПЕДАГОГИКА / PEDAGOGY
УДК 372.851:517.311

Формирование представлений у учащихся об определённом интеграле и его свойствах и проблемы обучения

Сопуев Уланбек Адахимжанович
к.ф.-м.н., доцент, Ошский государственный университети, Кыргызстан, usopuev1977@gmail.com

Равшан кызы Нуриза
магистрант, Ошский государственный университети, Кыргызстан, ravshankyzynurizao3@gmail.com

Аннотация

В статье рассматриваются методические проблемы формирования у школьников представлений об определённом интеграле и его основных свойствах. Анализируются трудности, возникающие при усвоении абстрактных понятий, а также недостатки формального подхода, ориентированного лишь на вычисления. Цель исследования — показать пути формирования осознанного понимания определённого интеграла через раскрытие его геометрического, физического и практического смысла. Обосновывается эффективность использования наглядных моделей, проблемных заданий и межпредметных связей. Делается вывод о том, что содержательное изучение определённого интеграла способствует развитию аналитического мышления и повышению интереса учащихся к математике.

Ключевые слова: определённый интеграл, свойства интеграла, геометрический смысл, проблемное обучение, визуализация

Open Journal of Eurasian Issues, 2025, no. 4, pp. 95-103
doi: 10.65469/eijournal.2025.4.10
eijournal.ilimbilim.kg

ПЕДАГОГИКА / PEDAGOGY
УДК 372.851:517.311

Formation of Students' Understanding of the Definite Integral and Its Properties and Teaching Challenges

Sopuev Ulanbek Adakhimzhanovich
Candidate of Physical and Mathematical Sciences, Associate Professor, Osh State University, Kyrgyzstan, usopuev1977@gmail.com

Ravshan kyzy Nuriza
Master's Student, Osh State University, Kyrgyzstan, ravshankyzynuriza03@gmail.com

Abstract

This article examines methodological challenges in forming students' understanding of the definite integral and its main properties. The difficulties of mastering abstract concepts and the limitations of purely computational approaches are analyzed. The purpose of the study is to demonstrate effective ways of developing meaningful understanding of the definite integral through its geometric, physical, and practical interpretations. The use of visual models, problem-based tasks, and interdisciplinary connections is substantiated. The study concludes that meaningful teaching of the definite integral enhances students' analytical thinking and interest in mathematics.

Keywords: definite integral, properties of integrals, geometric meaning, problem-based learning, visualization

Евразия изилдөөлөрү ачык журналы, 2025, №4, бб. 104-115
doi: 10.65469/eijournal.2025.4.11
eijournal.ilimbilim.kg

ПЕДАГОГИКА / PEDAGOGY
УДК 371.3:51:004

Математика сабагында мектеп окуучуларынын сынчыл ой жүгүртүүсүн калыптандырууда санариптик технологияларды колдонуу

Алмасбек кызы Айназик
магистрант, Ош мамлекеттик университети, Кыргызстан

Абдураимов Шумкарбек Акматалиевич
магистрант, Ош мамлекеттик университети, Кыргызстан

Аннотация

Бул макалада математика сабактарында мектеп окуучуларынын сынчыл ой жүгүртүүсүн калыптандырууда санариптик технологияларды интеграциялоо маселелери изилденет. Санариптик ресурстар дидактикалык стратегиялардын натыйжалуулугун арттыруучу стратегиялык инструмент катары каралат. Изилдөөдө Desmos, GeoGebra, Excel сыяктуу эл аралык программалык камсыздоолорду, ошондой эле региондук IlimBox, Online Mektep платформаларын колдонуу аркылуу окуучулардын аналитикалык, аргументациялык жана рефлексивдүү көндүмдөрүн өнүктүрүү жолдору көрсөтүлгөн. Макалада 5E окутуу моделинин (Engage, Explore, Explain, Elaborate, Evaluate) негизинде иштелип чыккан сабактын сценарийи сунушталат. Мында ар бир этапта санариптик инструменттерди колдонуу менен окуучулардын когнитивдик активдүүлүгүн жана логикалык ой жүгүртүүсүн оптималдаштыруу механизмдери талдоого алынат.

Ачкыч сөздөр: математика, санариптик технологиялар, сынчыл ой жүгүртүү, мектеп окуучулары, активдүү окутуу, 5E модели, платформалар

Шилтеме үчүн: Алмасбек кызы А., Абдураимов Ш.А. (2025). Математика сабагында мектеп окуучуларынын сынчыл ой жүгүртүүсүн калыптандырууда санариптик технологияларды колдонуу. *Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, №4, бб. 104-115. doi: 10.65469/eijournal.2025.4.11

Киришүү

Заманбап шартта жогорку билим берүүнүн өнүгүшү — эмгек рыногунун талаптарына жооп берген, жогорку квалификациялуу адистерди даярдоонун фундаменталдык шарты болуп саналат. Адистердин заманбап чөйрөдө ийгиликтүү кесиптик ишмердүүлүгүн камсыздоо үчүн алардын компетенттүүлүк деңгээлине өзгөчө талаптар коюлууда. Жогорку билим берүү тутуму илимдеги, техникадагы жана коомдук-социалдык чөйрөдөгү динамикалык өзгөрүүлөргө ыкчам адаптациялануу менен бирге, тынымсыз өркүндөтүлүп турууга тийиш [12].

© The Author(s) 2025.
This article is an open access article distributed under the terms and conditions of the Creative Commons Attribution (CC BY) license (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/).

Ушуга байланыштуу, билим берүүнүн жаңы парадигмасын калыптандыруу объективдүү зарылчылык катары каралат. Бул парадигма билимди жөн гана репродуктивдүү өткөрүп берүү менен чектелбестен, билим алуучулардын жеке инсандык өнүгүүсүн жана интеллектуалдык потенциалын ачууну стратегиялык максат катары коёт. Демек, жогорку билим берүү тармагын модернизациялоо — мамлекеттик саясаттын приоритеттүү багыттарынын бири болуп саналат.



Заманбап билим берүү системасы коомдун интеллектуалдык жана маданий прогрессинин негизги драйвери болуп эсептелет. Билим берүү процесси инновациялык технологиялардын жана фундаменталдык илимий жетишкендиктердин таасири астында системалуу трансформациядан өтүүдө. Жогорку окуу жайлары мезгилдин талабына ылайык кесипкөйлөрдү даярдоо үчүн окутуунун инновациялык усулдарын жигердүү интеграциялашы зарыл. Мында окутуу процесси кургак теориялык билим берүүдөн алыстап, билим алуучулардын практикалык көндүмдөрүн (hard жана soft skills), аналитикалык жөндөмдөрүн жана чыгармачылык потенциалын өнүктүрүүгө комплекстүү багытталууга тийиш [11].

Изилдөөнүн максаты

Бул изилдөөнүн максаты – математика сабагында заманбап технологияларды колдонуу аркылуу мектеп окуучуларынын сынчыл ой жүгүртүүсүн калыптандыруунун методологиялык негиздерин аныктоо, санариптик платформалардын мүмкүнчүлүктөрүн талдоо жана алардын окуу процессине тийгизген таасирин иликтөө. Ошондой эле, санариптик технологияларды активдүү окутуу ыкмалары менен айкалыштырып пайдалануунун натыйжасында окуучулардын аналитикалык, логикалык жана рефлексивдик жөндөмдөрүн өрчүтүү жолдорун негиздөө болуп саналат.

Санариптик чөйрөдө окуучулардын сынчыл ой жүгүртүүсүн калыптандыруунун актуалдуулугу

Азыркы тапта мектеп окуучулары маалыматтык ашыкча жүктөлүү (information overload) шартында билим алышууда. Маалыматка жетүү мүмкүнчүлүгүнүн тездиги жана анын чексиздиги алынган маалыматтарды сын көз менен талдоо көндүмүн заманбап билим берүүнүн ажырагыс бөлүгүнө айлантты. Мындай шартта билим берүү процессиндеги жаңы

технологиялардын ролу фундаменталдык мааниге ээ. Окуучулардын негизги милдети — базалык билимдерди өздөштүрүү менен чектелбестен, маалыматты аң-сезимдүү кабыл алуу, аны терең анализдөө жана логикалык жактан негизделген корутундуларды чыгаруу жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү болуп саналат. Бул процессте *сынчыл ой жүгүртүү* (*critical thinking*) маалыматты баалоонун, өз алдынча чечим кабыл алуунун жана ар кандай манипуляциялык таасирлерден коргонуунун негизги инструменти катары кызмат кылат.

Заманбап маалыматтык технологиялар педагогикалык кадрлар үчүн окуучулардын сынчыл ой жүгүртүүсүн калыптандырууда жаңы горизонтторду ачат. Санариптик каражаттарды пайдалануу окуу процессине активдүү когнитивдик ишмердүүлүктү жана аналитикалык талдоону талап кылган практикалык тапшырмаларды натыйжалуу интеграциялоого мүмкүндүк берет. Бул технологиялар окутууну жөн гана механикалык түрдө автоматташтырбастан, окуучуларды өз алдынча оптималдуу чечимдерди издөөгө, маалыматтын ишенимдүүлүгүн текшерүүгө жана жекече аргументтелген пикирди калыптандырууга багытташы зарыл.

Мындан тышкары, билим берүү тутумунун ийгилиги педагогикалык курамдын кесиптик компетенттүүлүгүнө, заманбап билим берүү технологияларын өздөштүрүү деңгээлине жана окуучунун инсандык өнүгүүсүнө карата комплекстүү мамиле жасоого түздөн-түз көз каранды. Билим берүү программалары окуучуларды жана студенттерди аналитикалык ой жүгүртүүгө, практикалык көндүмдөрдү өнүктүрүүгө, ошондой эле жаш муунду илим менен технологияга кызыктырууга багытталышы тийиш.

Демек, билим берүүнү модернизациялоо жана инновациялык принциптерди окуу процессине киргизүү — мамлекеттик саясаттын стратегиялык артыкчылыгы болуп саналат. Бул багыттагы реформалар билим берүүнүн сапатын жогорулатууга, коомдун интеллектуалдык потенциалын кеңейтүүгө жана келечектин талаптарына жооп берген квалификациялуу адистерди даярдоого зор салым кошот.

Сынчыл ой жүгүртүүнүн теориялык негиздери жана мүнөздөмөсү

Сынчыл ой жүгүртүү — бул маалыматты анализдөөгө гана эмес, алынган натыйжаларды стандарттык жана стандарттык эмес кырдаалдарда колдонууга багытталган фундаменталдык көндүм. Ал окуучунун жаңы суроолорду коюу, аргументтерди түзүү жана өз алдынча негиздүү чечимдерди кабыл алуу жөндөмдүүлүгүн шарттайт [1]. Д. Клустердин концепциясына ылайык, сынчыл ой жүгүртүү төмөнкү беш негизги мүнөздөмө менен аныкталат:

1. Өз алдынчалык: ой жүгүртүү жеке мүнөздө болот;
2. Маалыматтын жалпыланган мүнөзү: билим — ой жүгүртүүнүн баштапкы чекити;
3. Проблемалуулук жана баалоочулук: суроолорго жооп издөөдөн башталат;
4. Аргументтелген негиздүүлүк: далилдерге таянуу;
5. Социалдык багыттуулук: пикир алмашуу процессинде калыптанат.

Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү технологиясы (СӨТ) окуучулардын когнитивдик жана креативдик жөндөмдөрүн гана өстүрбөстөн, аларды күнүмдүк жашоодо маалымат менен натыйжалуу иштөөгө даярдайт. Бул технология үч этаптуу циклдик структурадан турат:

- Чакыруу этабы: мотивациялык, маалыматтык жана коммуникациялык функцияларды аткарат.

- Мазмунду түшүнүү этабы: жаңы маалыматты систематизациялоо жана өздөштүрүү процессин камтыйт.
- Рефлексия этабы: алынган билимди баалоо, талдоо жана пикир алмашуу процесси ишке ашат.

Санариптик платформалардын сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүүдөгү ролу

Окуучулардын аналитикалык жөндөмдөрүн калыптандырууда заманбап санариптик платформаларды колдонуу эң натыйжалуу ыкмалардын бири болуп саналат. *DiaClass, Quizizz, Google Classroom* сыяктуу инструменттер окуучуларга интерактивдүү форматта тапшырмаларды аткарууга шарт түзөт. Бул жерде негизги басым жөн гана туура жоопту табууга эмес, тандалган чечимди логикалык жактан негиздөөгө жана аргументтөөгө жасалат.

Мисалы, алгоритм теориясын талдоодо DiaClass платформасы аркылуу окуучуларга проблемалык суроолорду берүүгө болот. Окуучулар берилген алгоритмдин оптималдуулугун талдап, эмне үчүн бул жол натыйжалуу экенин түшүндүрүүсү керек. Мындай тапшырмалар аткарылгандан кийин уюштурулган жамааттык талкуулар окуучулардын логикалык чынжырларды куруу көндүмдөрүн бекемдейт. Бул контекстте технология билимди текшерүүчү курал эмес, ой жүгүртүүнү стимулдаштыруучу инструментке айланат.
Программалоо жана симуляциялар аркылуу талдоо көндүмдөрүн калыптандыруу

Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүүнүн натыйжалуу жолдорунун бири — окуучуларды маалыматты терең талдоого жана маселелерди стандарттык эмес ыкмалар менен чечүүгө багыттаган билим берүүчү колдонмолорду жана оюн технологияларын пайдалануу болуп саналат [2; 3; 11]. *Scratch****,*** *Tynker* жана *CodeCombat* сыяктуу программалоо чөйрөлөрү окуучуларга жеке долбоорлорун түзүүгө, татаал алгоритмдерди моделдөөгө жана анимацияларды программалоого мүмкүнчүлүк берет. Бул процессте билим алуучулар теориялык материалды өздөштүрүү менен гана чектелбестен, алган билимдерин практикалык кырдаалдарда колдонуу тажрыйбасына ээ болушат.

Информатика жана математика сабактарында мындай колдонмолорду интеграциялоо аркылуу процесссти оптималдаштыруу, программалык коддогу логикалык каталарды табуу (debugging) жана алгоритмдик маселелерди чечүү сыяктуу тапшырмаларды берүүгө болот. Программалоо процесси системалуу мамилени, деталдарга өзгөчө көңүл бурууну жана аналитикалык жөндөмдү талап кылгандыктан, ал окуучунун сынчыл ой жүгүртүүсүнүн өсүшүнө түздөн-түз таасир этет. Мында окуучу даяр көрсөтмөлөрдү механикалык түрдө аткаруудан алыстап, өз алдынча чечим издөөгө, гипотезаларды текшерүүгө жана кетирилген каталарды талдоого мажбур болот.

Виртуалдык реалдуулук (VR) жана биргелешкен ишмердүүлүктүн мүмкүнчүлүктөрү

Акыркы жылдары билим берүү мекемелеринде виртуалдык реалдуулук (VR) технологиялары татаал концепцияларды терең үйрөнүү үчүн жаңы горизонтторду ачууда. VR технологиясы окуучуларга материал менен интерактивдүү форматта иштешүүгө, кырдаалды моделденген реалдуу сценарийлердин негизинде талдоого жана ыкчам чечим кабыл алууга шарт түзөт. Мисалы, математикалык моделдөөдө же тармактык инженерияда окуучулар үч өлчөмдүү чөйрөгө кирип, маалымат агымдарын анализдеп, коопсуздук маселелерин чечүү жолдорун табышат. Бул технологиялык жандашуу окуучудан маалыматты пассивдүү кабыл алууну эмес, аны активдүү кайра иштетүүнү жана аналитикалык жыйынтык чыгарууну талап кылат.

Санариптик технологиялардын дагы бир маанилүү артыкчылыгы — окуучулардын биргелешип иштөөсү (collaboration) үчүн платформа түзүүсү. Биргелешкен ишмердүүлүк — сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүүнүн өзөгү болуп саналат. Ал өз көз карашын логикалык жактан негиздөө, башкалардын аргументтерин угуу жана талдоо, ошондой эле топ ичинде оптималдуу чечимди табуу көндүмдөрүн калыптандырат.

Заманбап технологиялар окуучулардын сынчыл ой жүгүртүүсүнө олуттуу трансформациялык таасир этет. Информатика жана математика сабактарында санариптик каражаттарды колдонуу билимдин сапатын гана жогорулатпастан, курчап турган чөйрө менен аң-сезимдүү жана жоопкерчиликтүү өз ара аракеттенүүнү шарттайт. Технологиялар окуучуну маалыматты тез табууга гана эмес, аны фактыларга таянып талдоого, логикалык чечим кабыл алууга жана сын көз менен баалоого үйрөтөт. Акыр-аягында, бул көндүмдөр окуучунун академиялык ийгилигине гана эмес, анын санариптик доордун талаптарына шайкеш келген адис катары калыптанышына негиз болот.

Жогорку класстын окуучуларынын сынчыл ой жүгүртүүсүнүн психологиялык-педагогикалык аспектилери

Заманбап эмгек рыногунда стандарттык эмес ой жүгүртүү, көп факторлуу маселелерди чечүү жана адаттан тыш ыкмаларды адаптациялоо жөндөмү эң маанилүү кесиптик компетенттүүлүктөрдүн бири болуп саналат. Бул контекстте сынчыл ой жүгүртүү (critical thinking) — маалыматты жана окуяларды анализдөөдө колдонулган, объективдүү жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүндүк берген баалоо системасы катары аныкталат. Ал инсанга маселени комплекстүү көрүүгө, альтернативдүү чечимдерди издөөгө жана өз аракеттеринин узак мөөнөттүү кесепеттерин болжолдоого шарт түзөт.

Жогорку класстын окуучулары (өспүрүм курактын соңку этабы) сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү үчүн зарыл болгон базалык билимге жана социалдык тажрыйбага ээ болушат. Бул курактагы окуучулардын негизги өзгөчөлүгү — өз алдынчалыкка умтулуу жана жеке көз карашын калыптандыруу болуп саналат. Алар башкалардын пикирине сокур ишенүүдөн алыстап, өз позициясын аргументтөөгө жана дебаттарга катышууга ыкташат. Мындай социалдык-психологиялык өзгөчөлүктөр маалыматты терең талдоо жана рефлексия жүргүзүү үчүн бекем негиз болот.

Сынчыл ой жүгүртүүнүн негизги когнитивдик компоненттери

Сынчыл ой жүгүртүүнү натыйжалуу өнүктүрүү үчүн окуучуларда төмөнкү когнитивдик көндүмдөрдү калыптандыруу зарыл:

1. *Аналитикалык ой жүгүртүү*: Маалыматты структуралык бөлүктөргө бөлүү, негизги элементтердин ортосундагы байланышты аныктоо жана татаал концепциялардын окшоштуктары менен айырмачылыктарын табуу жөндөмү.
2. *Илимий скептицизм*: Ар кандай маалыматты ишенимге алуудан мурун, анын далилдик базасын текшерүүгө умтулуу. Жыйынтыктарды текшерилген фактыларга гана таянып негиздөө.
3. *Логикалык аргументация*: Логикалык чынжырларды куруу, өз позициясын аргументтер менен бекемдөө жана ой жүгүртүүдөгү логикалык каталарды (fallacies) өз алдынча аныктай билүү.

4. *Объективдүүлүк*: Жеке субъективдүү көз караштардан четтеп, фактыларды бейтарап баалоо. Альтернативдүү пикирлерди карап чыгууга жана жалпы кабыл алынган догмалардан көз карандысыз жыйынтык чыгарууга даяр болуу.
5. *Рефлексия*: Өзүнүн ой жүгүртүү процессине байкоо жүргүзүү, кетирилген каталарды таануу жана жаңы далилдер пайда болгондо баштапкы позициясын өзгөртүүгө ачык болуу.

Жогорку класстарда окуучулардын абстракттуу ой жүгүртүүсү интенсивдүү өнүгүп, алар татаал теориялык билимдерди жана логикалык структураларды кабыл алууга даяр болушат. Тажрыйба көрсөткөндөй, математика сабагы — аналитикалык жана синтездик процесстерди айкалыштыруу аркылуу сынчыл ой жүгүртүүнү калыптандырууда эң чоң дидактикалык потенциалга ээ.

Математика сабагында сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүүнүн методикалык инструментарийи

Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүүнүн методикалык ыкмалары мугалим менен окуучунун ортосундагы чыгармачыл кызматташтыкты талап кылат. Бул ыкмалар даяр алгоритмдерди механикалык түрдө кайталоого эмес, көйгөйлүү кырдаалдарды талдоого жана аларды чечүүнүн оптималдуу жолдорун өз алдынча издөөгө негизделген. Төмөндө математикалык билим берүүдөгү негизги методикалык ыкмаларга токтолобуз:

1. Проблемалык тапшырмалар жана контексттик маселелер

Проблемалык окутуунун негизин стандарттык эмес ыкмаларды талап кылган, так бир эле чечими жок маселелер түзөт. Анын максаты — окуучуларды бир нече альтернативдүү жолдорду иштеп чыгууга, гипотезаларды текшерүүгө жана кабыл алынган чечимди логикалык жактан негиздөөгө үйрөтүү.

- *Мисал*: «Студенттин бир айлык бюджетин пландоо» контексттик маселеси. Окуучу киреше жана чыгашанын негизги беренелерин аныктап, каражаттарды рационалдуу бөлүштүрүү боюнча математикалык жана экономикалык негиздемелерди түзөт. Мындай маселелер практикалык ой жүгүртүүнү калыптандырып, маалыматты талдоо жана каталарды өз алдынча оңдоо көндүмдөрүн өстүрөт.

2. Долбоордук жана изилдөө ишмердүүлүгү

Бул ыкма окуучуларга математикалык моделдерди реалдуу турмуштук көйгөйлөрдү чечүүдө колдонууга мүмкүнчүлүк берет.

- *Иш тажрыйбадан мисал*: 10-класстын кадеттери тарабынан даярдалган «Геометриялык маселелерди параллелдик проекциялоо ыкмасы менен чечүү» темасындагы долбоорду келтирүүгө болот. Окуучулар теориялык материалды өздөрү тандап, маселелерди чечүүнүн өзгөчө жолдорун сунушташкан. Натыйжада, сабактын материалы гана эмес, конференцияларда ийгиликтүү сунушталган интерактивдүү окуу куралы иштелип чыккан. Бул окуучулардын изилдөөчүлүк деңгээлин жана жоопкерчилигин жогорулатат.

3. Топтук иш жана дискуссиялык методдор

Топтук ишмердүүлүк — башкалардын пикирин угуу, өз көз карашын коргоо жана аргументтерди сын көз менен баалоо үчүн эффективдүү чөйрө.

- *Мисал*: «Математикалык беттешүү» (матбой) формасындагы сабактар. Топторго татаал тригонометриялык теңдемелерди чечүүнүн 2–3 ыкмасын сунуштоо тапшырмасы берилет. Бир окуучу «докладчы», экинчиси «оппонент» ролунда чыгып, бири-биринин чечиминдеги логикалык кемчиликтерди табышат. Бул ыкма окуучуларды командалык

иштөөгө, оппоненттин аргументтерин анализдөөгө жана логикалык аргументацияны түзүүгө үйрөтөт.

4. Каталарды анализдөө жана альтернативдүү чечимдерди издөө

Окуучуларга атайылап кетирилген каталары бар же рационалдуу эмес жол менен чечилген маселелер сунушталат. Окуучунун милдети — катаны таап, анын себебин түшүндүрүү жана оптималдуу чечимди сунуштоо. Мындай тапшырмалар рефлексия көндүмүн өнүктүрүп, окуучуну маселенин чечимине сынчыл көз караш менен кароого көнүктүрөт.

Математикалык билим берүүдөгү санариптик платформалар жана алардын дидактикалык мүмкүнчүлүктөрү

Заманбап математикалык билим берүүдө санариптик технологиялар жөн гана көмөкчү курал эмес, окуучулардын аналитикалык жана сынчыл ой жүгүртүүсүн калыптандыруучу негизги чөйрө болуп саналат. *Excel*, *GeoGebra*, *Wolfram Alpha* сыяктуу программаларды колдонуу эсептөөлөрдү автоматташтыруу менен бирге, татаал математикалык натыйжаларды визуалдаштырууга жана моделдөөгө мүмкүндүк берет [4]. Бул технологияларды окуу процессине интеграциялоо төмөнкүдөй дидактикалык милдеттерди чечет:

- Стереометриялык объектилерди 3D форматында визуалдаштыруу;
- Функциялардын динамикалык графиктерин изилдөө;
- Математикалык экстремумдарды жана параметрлүү маселелерди аналитикалык талдоо.

1. Интерактивдүү визуализация жана динамикалык математика (GeoGebra, Desmos, Wolfram Alpha)

Бул инструменттер абстракттуу математикалык түшүнүктөрдү визуалдык моделге айландырууга шарт түзөт. Окуучу материалды пассивдүү кабыл албай, функциянын параметрлерин өзгөртүү аркылуу анын графигине тийгизген таасирин байкайт. Бул процесс окуучуну гипотезаларды түзүүгө, аларды салыштырууга жана логикалык корутундуларды чыгарууга мажбурлайт, бул сынчыл ой жүгүртүүнүн өзөгү болуп саналат.

2. Кыргызстандагы адаптацияланган билим берүү платформалары (Khan Academy, ilimBox, Online Mektep)

Акыркы жылдары Кыргызстандын билим берүү мейкиндигинде локалдаштырылган санариптик ресурстардын ролу өстү:

- *Khan Academy (кыргызча)*: Окуучуга жеке траектория боюнча билим алууга жана өз алдынча рефлексия жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.
- *ilimBox жана Online Mektep*: Интерактивдүү сабактар жана проекттик иштер аркылуу окуучулардын изилдөөчүлүк жөндөмүн арттырат. Мисалы, бул платформаларда бюджетти пландоо сыяктуу контексттик маселелерди чечүү аркылуу аналитикалык ой жүгүртүү калыптанат [5].

3. Алгоритмдик ой жүгүртүү жана симуляциялар (Excel, Scratch, Tynker)

Программалоо чөйрөлөрү жана электрондук таблицалар маалыматтарды системалуу талдоонун куралы болуп саналат. *Excel* программасында статистикалык маалыматтарды иштеп чыгуу окуучуну фактылар менен иштөөгө үйрөтсө, *Scratch* сыяктуу чөйрөлөрдө алгоритм түзүү — логикалык каталарды издөө (debugging) жана оптималдаштыруу аркылуу сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрөт [6; 7].

4. Виртуалдык (VR) жана толукталган реалдуулук (AR) технологиялары

VR/AR технологиялары абстракттуу түшүнүктөрдү 3D чөйрөдө тажрыйбалоого шарт түзөт. Математикалык моделдерди виртуалдык чындыкта изилдөө окуучудан терең аналитикалык ишти жана кырдаалды тез баалоо жөндөмүн талап кылат. Маалыматты активдүү иштеп чыгуу аркылуу окуучунун татаал концепцияларды кабыл алуу деңгээли жогорулайт [8].

Санариптик технологиялар — бул стратегиялык инструмент, бирок анын эффективдүүлүгү педагогикалык усулдардын туура айкалышынан көз каранды. Сынчыл ой жүгүртүүнү ийгиликтүү калыптандыруу үчүн технологияларды *мээ чабуулу, проблемалык окутуу жана долбоордук ишмердүүлүк* сыяктуу активдүү методдор менен айкалыштыруу зарыл. Бул окуучуну маалыматты тез табууга гана эмес, аны фактыларга таянып талдоого жана жоопкерчиликтүү чечим кабыл алууга даярдайт.

Математика сабагынын технологиялык картасы (5E модели боюнча)
Предмети: Математика
Класс: 10-класс
Тема: Функциянын касиеттерин талдоо жана графиктерин моделдөө **Убакыт:** 90 мүнөт
Максат: Санариптик инструменттерди колдонуу менен окуучулардын аналитикалык жана сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү.

Этаптары (5E)	**Убакыт**	**Санариптик куралдар**	**Ишмердүүлүктүн мазмуну жана сынчыл ой жүгүртүүгө багыттоо**
1. Кызыктыруу (Engage)	10 мүн	Desmos	Мугалим тарабынан проблемалык суроо берилет: *"Функциянын графиги маалыматты берүүнүн оптималдуу жолубу?"* Desmos'то курулган графиктин негизинде окуучулар функциянын тибин аныктап, аргументтерин негиздешет.
2. Изилдөө (Explore)	25 мүн	GeoGebra, Padlet	Топтор GeoGebra чөйрөсүндө берилген функциялардын графигин түзүп, анын экстремумдарын жана өсүү/төмөндөө интервалдарын өз алдынча аныкташат. Натыйжалар виртуалдык доскага жүктөлүп, алгачкы гипотезалар текшерилет.
3. Түшүндүрүү (Explain)	20 мүн	Jamboard	Топтор өз жыйынтыктарын коргошот. Мында "оппоненттик" ыкма колдонулуп, башка топтор суроо берип, логикалык каталарды издешет. Мугалим аргументтердин негиздүүлүгүнө баа берет.

Этаптары (5E)	Убакыт	Санариптик куралдар	Ишмердүүлүктүн мазмуну жана сынчыл ой жүгүртүүгө багыттоо
4. Тереңдетүү (Elaborate)	25 мүн	Microsoft Excel	Окуучулар Excelде таблицалык маанилерди эсептеп, график менен сандык жыйынтыкты салыштырышат. *Суроо:* "Эмне үчүн визуалдык жана сандык натыйжалар бирдей, бирок алардын интерпретациясы ар башка?"
5. Баалоо (Evaluate)	10 мүн	Quizizz	Интерактивдүү тест аркылуу окуучулар каталарды таануу, альтернативдүү чечимдерди айырмалоо көндүмдөрүн текшеришет. Рефлексия этабында натыйжалар дароо талданат.

Корутунду

Математика сабагында заманбап санариптик технологияларды колдонуу — мектеп окуучуларынын сынчыл ой жүгүртүүсүн калыптандыруунун эң натыйжалуу стратегияларынын бири. *Desmos*, *GeoGebra*, *Excel* сыяктуу платформалар окуучуларга абстракттуу математикалык түшүнүктөрдү визуалдаштырууга гана эмес, маалыматты терең талдоого, логикалык чынжырларды курууга жана альтернативдүү чечимдерди издөөгө шарт түзөт.

Изилдөөнүн жүрүшүндө белгиленгендей, активдүү окутуу ыкмалары (5E модели, проблемалык окутуу, топтук талкуу) менен айкалышкан санариптик технологиялар окуучулардын аналитикалык жөндөмдөрүн жана аргументациялык маданиятын стимулдаштырат [9]. Санариптик инструменттерди натыйжалуу пайдалануу математикалык билим берүүнүн сапатын жогорулатуу менен бирге, окуучуларды келечектеги маалыматтык коомдо ийгиликтүү адаптациялануууга, маалыматты сын көз менен баалоого жана негиздүү чечим кабыл алууга даярдайт. Демек, билим берүү процессин санариптик модернизациялоо — заманбап мектептин интеллектуалдык потенциалын өстүрүүнүн негизги фактору болуп саналат.

Колдонулган адабияттар

1. Клустер, Д. Что такое критическое мышление? [Текст] / Д. Клустер // Перемена. – 2001. – № 4. – С. 36-40.
2. Заир-Бек, С. И. Развитие критического мышления на уроке: пособие для учителей общеобразоват. учреждений [Текст] / С. И. Заир-Бек, И. В. Муштавинская. – 2-е изд., дораб. – М. : Просвещение, 2011. – 223 с.
3. Халперн, Д. Психология критического мышления [Текст] / Д. Халперн. – СПб.: Питер, 2000. – 512 с.

4. GeoGebra – динамикалык математикалык программалык камсыздоо [Электрондук ресурс]. – Кирүү режими: https://www.geogebra.org
5. ilimBox – мектеп окуучулары үчүн санариптик билим берүү платформасы [Электрондук ресурс]. – Кирүү режими: https://ilimbox.kg
6. Абрамов, А. М. Математика на компьютере [Текст] / А. М. Абрамов // Математика в школе. – 2018. – № 5. – С. 12-18.
7. Полат, Е. С. Современные педагогические и информационные технологии в системе образования [Текст] / Е. С. Полат. – М.: Академия, 2010.
8. Эркебаев У.З., Мусаева Н.Ж. (2025). Окуучулардын окууга болгон мотивациясын жогорулатуу үчүн билим берүү процесстеринде геймификацияны колдонуу. Евразия изилдөөлөрү ачык журналы, 2(2), бб. 24-33. DOI: 10.65469/eijournal.2025.2.4
9. Bybee, R. W. The BSCS 5E Instructional Model: Creating Teachable Moments [Text] / R. W. Bybee. – Arlington: NSTA Press, 2015.
10. Мамбетакунов, Э. Педагогиканын негиздери [Текст] / Э. Мамбетакунов, А. Мамбетакунов. – Бишкек, 2014.
11. Эркебаев, У. З. Окуучулардын окууга болгон мотивациясын жогорулатуу үчүн билим берүү процесстеринде геймификацияны колдонуу / У. З. Эркебаев, Н. Ж. Мусаева // *Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*. – 2025. – No. 2. – P. 24-33. – DOI 10.65469/eijournal.2025.2.4. – EDN OCWSWN.
12. Belekova, K. K. The problems, prospects and tasks of electronic learning in education / K. K. Belekova, D. Asilbek Kyzy // Bulletin of Osh State University. – 2023. – No. 2. – P. 129-137. – DOI 10.52754/16948610_2023_2_16. – EDN ZELWYH.

Открытый журнал евразийских исследований, 2025, №4, сс. 104-115
doi: 10.65469/eijournal.2025.4.11
eijournal.ilimbilim.kg

ПЕДАГОГИКА / PEDAGOGY
УДК 371.3:51:004

Использование цифровых технологий в формировании критического мышления у школьников на уроках математики

Алмасбек кызы Айназик
магистрант, Ошский государственный университети, Кыргызстан

Абдураимов Шумкарбек Акматалиевич
магистрант, Ошский государственный университети, Кыргызстан

Аннотация

В данной статье исследуются вопросы интеграции цифровых технологий в процесс формирования критического мышления школьников на уроках математики. Цифровые ресурсы рассматриваются как стратегический инструмент, повышающий эффективность дидактических стратегий. В исследовании представлены пути развития аналитических, аргументационных и рефлексивных навыков учащихся посредством использования международного программного обеспечения, такого как Desmos, GeoGebra, Excel, а также региональных платформ IlimBox и Online Mektep. В статье предлагается сценарий урока, разработанный на основе модели обучения 5E (Engage, Explore, Explain, Elaborate, Evaluate). Анализируются механизмы оптимизации когнитивной активности и логического мышления учащихся путем применения цифровых инструментов на каждом этапе обучения.

Ключевые слова: математика, цифровые технологии, критическое мышление, школьники, активное обучение, модель 5E, платформы

Open Journal of Eurasian Issues, 2025, no. 4, pp. 104-115
doi: 10.65469/eijournal.2025.4.11
eijournal.ilimbilim.kg

ПЕДАГОГИКА / PEDAGOGY
УДК 371.3:51:004

The Use of Digital Technologies in Developing Critical Thinking of School Students in Mathematics Lessons

Almasbek kyzy Ainazik
Master's Student, Osh State University, Kyrgyzstan
Abduraimov Shumkarbek Akmatalievich
Master's Student, Osh State University, Kyrgyzstan

Abstract

This article examines the issues of integrating digital technologies into the process of developing critical thinking skills among school students during mathematics lessons. Digital resources are considered as a strategic instrument for enhancing the effectiveness of didactic strategies. The study demonstrates methods for developing students' analytical, argumentative, and reflective skills through the use of international software such as Desmos, GeoGebra, and Excel, as well as regional platforms like IlimBox and Online Mektep. The article proposes a lesson scenario developed based on the 5E Instructional Model (Engage, Explore, Explain, Elaborate, Evaluate). It analyzes the mechanisms for optimizing students' cognitive activity and logical reasoning by implementing digital tools at each stage of the instructional process.

Keywords: mathematics, digital technologies, critical thinking, school students, active learning, 5E model, platforms